# АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН АЛДЫН АЛУУ ЖАНА ЧАРА КӨРҮҮ БОЮНЧА ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯЛАРЫ, ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН АЙМАКТЫК БӨЛҮМДӨРҮ ҮЧҮН

# ПРАКТИКАЛЫК КОЛДОНМО

**Бишкек, 2024**

БЕКИТИЛДИ

Кыргыз Республикасынын
Эмгек, социалдык камсыздоо жана
миграция министрлигинин
«19» 08. 2024-жылындагы
№151-буйругу

Документтик камсыздоо жана административдик колдоо бөлүмү
Отдел документационного, обеспечения и административной поддержки

# Аялдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана чара көрүү боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациялары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмдөрү үчүн практикалык колдонмо

УДК 351/354
ББК 66.3 (5 Кир), 1
А99

А99 Аялдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана чара көрүү боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациялары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмдөрү үчүн практикалык колдонмо.
Б.:2024. – 62 б.

ISBN 978-9967-485-75-4

Практикалык колдонмо аялдарга карата зомбулуктун алдын алуу боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана мамлекеттик органдардын аймактык бөлүнүштөрүнө арналат.Документ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана мыйзам алдындагы актыларына, эл аралык стандарттарга, Кыргыз Республикасынын жамааттарынын мыкты тажрыйбаларына негизделген, ошондой эле маданий жана социалдык өзгөчөлүктөрдү дагы эске алат. Практикалык колдномонун максаты, зомбулук учурларына натыйжалуу таасир этүү, алдын алуу иштерин ырааттуу жөнгө салуу, ошондой эле аялдар үчүн коопсуз социалдык чөйрөнү түзүүгө көмөктөшүү үчүн усулдук сунуштамаларды жана практикалык куралдарды сунуштоо болуп эсептелет.

Бул басылма БУУнун Калк фондунун техникалык колдоосу менен даярдалган. Бул басылманын мазмуну “Демократиялык процесстерди изилдөө борбору” Коомдук фондунун жоопкерчилигинин предмети болуп саналат жана Калкты жайгаштыруу жаатында БУУ фондунун көз карашын чагылдырбайт

Колдонмо менен бөлүшүү жана колдонуу акысыз.

ISBN 978-9967-485-75-4

УДК 351/354
ББК 66.3 (5 Кир), 1

# Кыскартуулардын тизмеси

| | |
|---|---|
| ГЗ | - Гендердик зомбулук |
| ҮБДТ | - Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу |
| УБжК | - Укук бузуулар жөнүндө кодекси |
| ҮБЗСКЖК | - Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет |
| РАЭСКМБ/РЭСКМБ/ ШЭСКМБ/ | - Райондор аралык/райондук/шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы |
| ЭСКММ | - Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги |
| ҮББКБ | - Үй-бүлөнү жана балдарды колдоо боюнча бөлүм |
| КЛ/КК | - Кесиптик лицей/колледж |
| МАБ/МШБ | - Милициянын айылдык/шаардык бөлүмү |
| СЭӨП | - Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы |
| ЖТ | - Жумушчу топ |
| ҮБЗ | - Үй-бүлөлүк зомбулук |
| БП | - Укук бузуулардын алдын алуу боюнча биргелешкен план |
| КЖК | - Кылмыш-жаза кодекси |
| ФАП | - Фельдшердик-акушердик пункт |
| ҮБМБ | - Үй-бүлөлүк медицина борбору |
| ЖОЖ | - Жогорку окуу жайы |
| АООЖ | - Атайын орто окуу жайы |

# МАЗМУНУ


**КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ ........ 2**

**ГЛОССАРИЙ ........ 6**

**КИРИШҮҮ ........ 8**

**1. ГЕНДЕРДИК ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТУН АЛДЫН АЛУУНУ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕҢГЭЭЛДЕ УЮШТУРУУ ........ 10**

**1.1 Жалпы жоболор ........ 10**

**1.2 Алдын алуу ыкмалары ........ 11**

Адистештирилген ыкмалар ........ 11

1.2.1 Калктын кеңири топтору менен маалыматтык-агартуучулук иш алып баруу ........ 11

1.2.2 Эркектерди союздаш катары тартуу ........ 12

1.2.3 Диний кызматкерлердин катышуусу ........ 13

1.2.4 Укуктарды, мүмкүнчүлүктөрдү жайылтууга, өзүнө ишенүүгө жана тиешелүү билимдерди алууга көмөктөшүү боюнча чаралардын комплекси аркылуу аялдардын туруктуулугун жогорулатуу ........ 14

1.2.5 ГЗ жана ҮБЗ алдын алууда жана чара көрүүдө катышуусу стратегиялык жактан маанилүү болгон өзүнчө кесипкөй топторду тартуу ........ 17

1.2.6 Аярлуу топторго карата атайын чараларды жана мониторинг жүргүзүүнү ишке ашыруу ........ 18

Универсалдуу ыкмалар ........ 18

1.2.7 Санарип технологияларды жана интернет-ресурстарды колдонуу ........ 18

1.2.8 Билим берүүчү иш-чараларды өткөрүү ........ 20

1.2.9 Маалыматтык материалдарды таратуу ........ 22

1.2.10 Сүйлөшүүчү иш-чараларды өткөрүү ........ 23

**1.3 Алдын алууну уюштуруу ........ 24**

1.3.1 Кырдаалды талдоо жана артыкчылыктарды аныктоо ........ 24

1.3.2 Пландаштыруу ........ 24

1.3.3 Каржылоо ........ 26

**1.4. Укук бузуулардын алдын алуу боюнча биргелешкен пландарда ГЗ жана ҮБЗ алдын алуу боюнча чараларды киргизүү ........ 27**

1.4.1 Жалпы жоболор ........ 27

1.4.2 Жумушчу топторду түзүү ........ 28

1.4.3 Анализдөө, стратегиялаштыруу, консультациялар ........ 29

1.4.4 Форматы жана бекитүү ........................................................................................ 30

1.4.5 Каржылоо ........................................................................................................ 30

1.4.6 Ишке ашыруу жана субъекттерди координациялоо.......................................... 31

1.4.7 Мониторинг жана баалоо ................................................................................ 31

1.4.8 Укук бузуулардын алдын алуу боюнча кийинки биргелешкен пландарды кабыл алуу ........................................................................................................................ 32

1.4.9 Субъекттердин потенциалдарын жогорулатуу ................................................ 32

1.4.10 Аймактарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан колдоо программаларынын өз ара байланыштуулугу ...................................... 33

**1.5 Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү жана социалдык өнөктөштүк..............34**

**2. ЖӨБОНУН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТОО ЖАНА КОРГОО БОЮНЧА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ.......................................................................................35**

**2.1. ҮБЗ жабырлануучуларга жардам көрсөтүүнүн принциптери жана стандарттары35**

**2.2. ҮБЗ жабырлануучуларына жардам көрсөтүүнүн тартиби ..................................36**

**2.3. ҮБЗ жөнүндө маалыматтарды кабыл алуу жана маалыматтарды каттоо ...........37**

**2.4. ҮБЗ жабырлануучуларына жардам көрсөтүү боюнча практикалык сунуштамалар ..................................................................................................................38**

2.4.1 Негизги жоболор............................................................................................... 38

2.4.2 ҮБЗ/ГЗ жабырлануучулары кайрылганда/аныктаган учурда эмне кылуу керек..... 40

2.4.3 Эмне кылбаш керек........................................................................................... 42

2.4.4 ҮБЗ/ГЗ жабырлануучуларына эмне деп айтуу зарыл экендигинин мисалдары...... 42

2.4.5 Аялга анын күйөөсү/өнөктөшү тарабынан ГЗ/ҮБЗ жасалган учурдагы туура жана туура эмес суроолор........................................................................................... 43

2.4.6 Майыптыгы бар адамдар менен сүйлөшүүнүн ыкмалары 51

**3. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТУН ЖАБЫРЛАНУУЧУЛАРЫН АНЫКТАГАН УЧУРДАГЫ ЖӨБОНУН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН АЛГОРТМИ .............................48**

**3.1. Эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу жашы жеткен чоң адам болсо48**

**3.2. Эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктан бала жабыр тартса ..........................................53**

**1-ТИРКЕМЕ: ГЗ/ҮБЗ АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА МААЛЫМАТТЫК-АГАРТУУЧУЛУК ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮ ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАРДЫН ТИЗМЕСИ ................55**

**2-ТИРКЕМЕ: БИРГЕЛЕШКЕН ПЛАНДЫН ШАБЛОНУ ..........................................57**

**3-ТИРКЕМЕ: ГЗ/ҮБЗ АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА МААЛЫМАТТЫК-АГАРТУУЧУЛУК ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮ ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАРДЫН ТИЗМЕСИ ................58**

# Глоссарий

**коопсуз жай** – үй-бүлөлүк зомбулуктан жабырлануучусунун же анын мыйзамдуу өкүлүнүн пикиринде бул адамдын өмүрүнө же ден соолугуна кооптуулук болбогон аймак же жай;

**гендердик зомбулук** – бул адамдын дене бойлук, сексуалдык же психологиялык ден соолугуна зыян келтирген же келтириши мүмкүн болгон, же азаптануу алып келген жыныстык белгисине негизделип жасалган бардык зомбулук актысы, ошондой эле мындай актыларды жасоо коркунучу, коомдук же жеке жашоосунда болобу күчкө салып же өз эрки менен эркиндигинен ажыратуу коркунучу;

**купуялуулук** – гендердик зомбулуктун жабырлануучусуна карата гендердик зомбулук жөнүндө бардык маалыматтарды сыр катары сактоо;

**гендердик/үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу** – гендердик/үй-бүлөлүк зомбулукту башынан кечирген адам;

**өзгөчө муктаждыктары бар адамдар –** кош бойлуу аялдар, эмчек эмизген аялдар, улгайган аялдар, балдар, майыптыгы бар адамдар;

**гендердик зомбулуктун жабырлануучуларына жардам –** медициналык, психологиялык, социалдык, юридикалык жардамдар жана жардамдардын башка түрлөрү;

**сексуалдык зомбулук –** адамдын жыныстык кол тийбестигине же жыныстык эркиндигине кол салган жосун. Сексуалдык зомбулук дене бойлук жана/же психологиялык зыян келтирген, же келтирүүсү мүмкүн болгон бардык аракеттерди камтыйт, аларды жасоо аракеттери жана коркунучу, анын ичинде эксплуатациялоо жана азгыруу;

**социалдык кызмат –** уюштуруучулук-укуктук формасына жана менчигинин түрүнө карабастан, социалдык кызматтарды көрсөтүүчү уюмдар (жаранга анын жашоо-тиричиликтик ишмердүүлүгүн жакшыртуу жана (же) анын жеке негизи жашоо-тиричиликтик муктаждыктарын өз алдынча камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында жардам көрсөтүү). Ошондой эле, калкка социалдык жактан тейлөө боюнча ишкердик ишмердүүлүгү менен алектенген, юридикалык билими жок жарандар (социалдык колдоо көрсөтүү, социалдык-тиричиликтик, социалдык-медициналык, психологиялык-педагогикалык, социалдык-укуктук жардам көрсөтүү, турмуштук оор кырдаалга кабылган жарандарды реабилитациялоо жана социалдык адаптациялоо жүргүзүү);

**консультациялык-алдын алуу борбору (кризистик борбор) –** үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына социалдык-психологиялык, ошондой эле укуктук, медициналык жардам көрсөтүүчү уюм. Консультациялык-алдын алуу борборунун алдында баш калкалоо жайы түзүлүшү мүмкүн;

**баш калкалоочу жай –** үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына коопсуз, убактылуу жашап туруу жайын жана кызматтарды уюштуруу үчүн кризистик борбордун алдында түзүлгөн уюм;

**этибарсыз мамиле –** үй-бүлө мүчөлөрүнө же үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген адамдарга камкордук көрүү боюнча милдеттерин атайылап аткарбоо;

**үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу (эскертүү) –** үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттери тарабынан жүзөгө ашырылуучу, үй-бүлөлүк зомбулук жасоо кооптуулугун жарата турган себептерди жана шарттарды табууга, четтетүүгө багытталуучу социалдык, укуктук, медициналык, психологиялык, агартуучулук, маалыматтык жана башка чаралардын тутуму;

**психологиялык зомбулук** – дене бойлук, сексуалдык, экономикалык зомбулук жасоо коркунучу, ошондой эле ар-намысты жана кадыр-баркты атайылап басмырлоо, өмүргө коркунуч келтирүүчү же психологиялык, дене бойлук саламаттыктын бузулушуна, ошондой эле жашы жете элек адамдардын катташуу укугун чектөөгө алып келүүчү укук бузууларды же жосундарды жасоого мажбурлоо;

**үй-бүлөлүк зомбулук** – үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата дене-бойлук, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, ошондой эле этибарсыз мамилеси;

**дене бойлук зомбулук** – үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата түздөн-түз же кыйыр түрдө атайылап дене бойлук таасир этүүсү, өтө маанилүү жашоо-турмуш функцияларын аткаруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуусу, башка жерге көчүү эркиндигинен, турак жайдан, тамак-аштан, кийимден ажыратуусу же чектөөсү, оор кара күч эмгегине мажбурлоосу, ошондой эле багуу жана кам көрүү милдеттеринен баш тартуусу;

**үй-бүлө мүчөлөрү** – жубайлар, ата-энелер жана балдар, чоң энелер/чоң аталар, таяталар/таянелер, неберелер, камкорчулар/көзөмөлчүлөр жана камкордукка алынгандар, бала асырап алуучулар жана асырап алынгандар, багып алган ата-энелер жана багууга алынган балдар, мыйзамда белгиленген тартипте балдарды тарбиялоого алган башка адамдар, мурдагы жубайлар, өгөй энелер/өгөй аталар жана өгөй балдар, бир туугандар (толук же аталаш/энелеш), иш жүзүндөгү тарбиялоочулар жана иш жүзүндөгү тарбияylануучулар;

**экономикалык зомбулук** – үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүн/ага теңештирилген адамды багуу боюнча милдеттерин атайылап аткарбоосу, ошондой эле адамды ага мыйзам боюнча таандык болгон мүлктү же кирешелерди алуу же тескөө укугунан атайылап ажыратуу же чектөө жана/же ишенимдүү адамдын мүлктү же кирешелерди ишеним көрсөтүүчүгө зыян келтирүү менен пайдалануусу.

# Киришүү

Кыргыз Республикасы үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо, гендердик зомбулуктун ар түрдүү формаларын алдын алуу жана зомбулуктун жабырлануучуларына комплекстүү жардам көрсөтүү тутумун жакшыртууга багытталган мыйзам ченемдерди жана программалык документтерди ырааттуу түрдө кабыл алып келе жатат. Ошондой эле, аялдарга карата басмырлоону болтурбоого, аялдардын лидерлигин өнүктүрүүгө, мамлекеттик жана муниципалдык башкарууда аялдардын өкүлчүлүгүн күчөтүүгө максатталган аракеттерди кабыл алууда. Мындай прогрессивдүү ченемдер жана программалар мамлекеттин, жарандык коом уюмдарынын жана өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн кызматташуусунун натыйжасында иштелип чыгууда. Бул жаатта коомчулуктун аялдар үчүн коопсуздукту камсыз кылууну, анын ичинде резонанстуу зомбулук учурларынын фонунда аялдардын коопсуздугун камсыз кылууну туруктуу түрдө талап кылуусу дагы акыркы мааниге ээ эмес.

Улуттук жана эл аралык деңгээлде кабыл алынып жаткан чараларга карабастан, аймактарда айрым бир прогрессивдүү ченемдерди ишке ашыруу бардык убакта эле ийгиликтүү жана бирдей ишке ашырыла бербейт. Буга жергиликтүү деңгээлде адистерди даярдоонун жетишсиздиги, кенен түшүнүктүү стандарттык процедуралардын жоктугу жана каржылык чектөөлөр таасирин тийгизүүдө. Буга карабастан, айрым бир муниципалитеттерде эрктүүлүк жана кызыкдарлык бар экенинен улам, аялдарды зомбулуктун ар түрдүү формаларынан сактоо жана коргоо натыйжалуу ишке ашырылууда. Мындай жамааттар гендердик/үй-бүлөлүк зомбулукту төмөндөтүү боюнча лидерлерге айланышууда, жана Кыргыз Республикасында бул багыттагы стратегияларды жана тактикаларды иштеп чыгуу боюнча уникалдуу тажрыйбаларды калыптандырышууда.

Профилдик мыйзамдардын жана программалык документтердин ченемдерин, ошондой эле иш жүзүндөгү уникалдуу тажрыйбаларды жергиликтүү деңгээлдеги субъекттер үчүн жеткиликтүү тилде кенен баяндап, жеткирүү, түшүндүрүп берүү зарылчылыгы пайда болууда. Бул зарылчылык Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (ЭСКММ) “Аялдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана чара көрүү боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациялары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмдөрү үчүн практикалык колдонмо” (Практикалык колдонмо) бекитүүсүнө себеп болду. Бул документ социалдык камсыздоо органдарын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана социалдык жактан коргоо суроолору боюнча усулдук жана консультативдик жардам көрсөтүүгө милдеттендирген Кыргыз Республикасынын “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинин 1-пунктунун 4-пунктчасын аткаруу үчүн кабыл алынды. Ошондой эле, ЭСКММге үй-бүлөлүк зомбулук, балдарга карата ырайымсыз мамиле, балдар никелери, ошондой эле аялдарга жана балдарга карата зомбулуктун башка түрлөрү боюнча жоопту органдардын кызматкерлери үчүн жаңы усулдук сунуштамаларды иштеп чыгуу жана учурдагы бар усулдарды жакшыртуу милдетин жүктөгөн 2022–2028-жылдарга карата[1] Укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат Концепциясын ишке ашыруу боюнча Улуттук аракеттер планынын 12.2.3-пункту көңүлгө алынды.

[1] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемеси аркылуу бекитилген, 4-декабрь, 2023-жыл, №748-т.

Практикалык колдонмону иштеп чыгууга көз карандысыз эксперттер, ошондой эле социалдык коргоо органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын айрым өкүлдөрү катышышты. Практикалык колдонмо 2024-жылдын 13-февралында министрликтин № 9 тескемеси менен түзүлгөн ЭСКММдин алдындагы ведомстволор аралык жумушчу топ менен макулдашылды.

Практикалык колдномонун максаты, зомбулук учурларына натыйжалуу таасир этүү, алдын алуу иштерин ырааттуу жөнгө салуу, ошондой эле аялдар үчүн коопсуз социалдык чөйрөнү түзүүгө көмөктөшүү үчүн усулдук сунуштамаларды жана практикалык куралдарды сунуштоо болуп эсептелет. Практикалык колдонмо жергиликтүү өз алдынча башкаруу, социалдык камсыздоо органдары, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоонун жергиликтүү деңгээлдеги башка субъекттери үчүн арналат. Документ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана мыйзам алдындагы актыларына, эл аралык стандарттарга, Кыргыз Республикасынын жамааттарынын мыкты тажрыйбаларына негизделген, ошондой эле маданий жана социалдык өзгөчөлүктөрдү дагы эске алат.

Документте аялдарга карата зомбулукка бөгөт коюунун ар түрдүү аспектилери каралат, анын ичинде жамааттарды гендердик зомбулуктун алдын алууга жана азайтууга катыштырууну (2-бөлүмдү карагыла), үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ЖӨБОнун ишмердүүлүгүн (3-бөлүмдү карагыла), үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына жардам көрсөтүү боюнча практикалык сунуштамаларды (3.2 карагыла), зомбулук учурларын аныктоонун жана каттоого алуунун алгоритмдерин жана механизмдерин (4-бөлүмдү карагыла), камтыйт. Өзгөчө көңүл ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүгө, заманбап технологияларды колдонууга жана социалдык өнөктөштүккө бурулган.

Белгилей кетчү нерсе, Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо, укук бузуулардын алдын алуу боюнча мыйзамдарды жана мыйзам алдындагы актыларды жеткиликтүү иштеп чыгуу, жакшыртуу процесси ишке ашырылууда, демек мамлекеттик бийлик органдары жана ЖӨБО өз ишмердүүлүктөрүндө эң биринчи кезекте актуалдуу укук ченемдерин жетекчиликке алуу керек. Мыйзамдардын жана мыйзам алдындагы актылардын жаңы кабыл алынып жаткан ченемдерине туруктуу негизде байкоо жүргүзүп туруу зарыл. Практикалык колдонмо өз кезегинде жергиликтүү деңгээлде аялдарга карата зомбулуктун алдын алуунун жана ага таасир этүүнүн кошумча усулдук жардамчы болуп эсептелет.

ЭСКММ практикалык колдонмону иштеп чыгууда министрликке жардам көрсөткөн мамлекеттик бийлик органдарына, жарандык коом уюмдарына, ЖӨБОнун өкүлдөрүнө жана социалдык камсыздоо аймактык органдарына ыраазычылык билдирет. Өзүнчө ыраазычылыкты документти даярдоого катышышкан жана кабыл алуу стадиясында анын мазмунун макулдашышкан ведомстволор аралык жумушчу топтун мүчөлөрүнө ыраазычылык билдирет. Ошондой эле министрлик БУУнун Калк жайгаштыруу фондуна, USAID “Жигердуу Жарандар” долбооруна, “Демократиялык процесстерди изилдөө” КФ, “Жарандык союз” КБ Практикалык колдонмону даярдоодо техникалык жардам көрсөткөндүгү жана ЖӨБО жана социалдык коргоонун аймактык органдары менен консультацияларды камсыз кылгандыгы үчүн терең ыраазычылык билдирет.

# 1. ГЕНДЕРДИК ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТУН АЛДЫН АЛУУНУ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕҢГЭЭЛДЕ УЮШТУРУУ

## 1.1 Жалпы жоболор

“Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамы үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттерди “ҮБЗ коркунучун пайда кылуучу себептерди жана шарттарды аныктоого, четтетүүгө багытталган социалдык, укуктук, медициналык, психологиялык, агартуучулук, маалыматтык жана башка чаралардын тутумун” түшүндүргөн ҮБЗ алдын алууну (алдын ала чара көрүүнү) ишке ашырууга милдеттендирет”[2]. Ал эми 2022-2028-жылдарга карата укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат Концепциясы, мамлекеттин жана мамлекеттик эмес субъекттердин аракеттери бир гана ҮБЗ менен чектелбеши керектигине, алар аялдарга карата зомбулуктун бардык формаларына бөгөт коюулары керектигине көңүл бурат[3]. Укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө мыйзам укук бузуулардын алдын алуунун кийинки түрлөрүн карайт:

- укук бузуулардын жалпы алдын алуу;
- укук бузуулардын атайын алдын алуу;
- пробациялык көзөмөл;
- виктимологиялык алдын алуу (24-беренеге ылайык, бул конкреттүү жарандын укук бузуулардан жабыр тартуусун төмөндөтүүгө багытталган чараларды кабыл алуу)[4].

Бул укук бузуулардын алдын алуунун бардык түрлөрү укук бузуулардын алдын алуу субъекттеринин жана бул Колдонмодо “субъекттер” деген жалпы термин менен бекитилген үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттеринин ишмердүүлүгүнө тиешелүү болушу мүмкүн. Бул Колдонмонун алкагында зомбулуктун кийинки түрлөрүн азайтуу программасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу сунушталат:

- үй-бүлөлүк зомбулук, анын ичинде дене бойлук, психологиялык, экономикалык,
- сексуалдашкан зомбулук, этибарсыз мамиле;
- сексуалдашкан зомбулук (үй-бүлөдөн сырткары);
- балдарга карата сексуалдашкан зомбулук;
- балдар никелери (диний ырым-жырымдарды ишке ашырууда нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу);

---

[2] Кыргыз Республикасынын “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамынын 1-беренесинин 8-пункту
[3] Укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү 2022–2028-жылдарга карата мамлекеттик саясат Концепциясынын 5.5-бөлүмү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 23-августундагы №469 токтому менен бекитилген.
[4] Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө” Мыйзамынын 15-беренеси.

- никеге туруу максатында уурдоо, иш жүзүндө никелик мамилелерге өтүүгө мажбурлоо, адамды никеге турууга мажбурлоо;
- харасмент (ыдык көрсөтүү);
- сталкинг (куугунтуктоо);
- кодулоо жана кибербуллинг (басынтуу, мектепте, жумуш орундарында же интернет аркылуу коркутуу (онлайн зомбулук));
- улгайган адамдарга жана майыптыгы бар адамдарга карата зомбулук, анын ичинде дене бойлук, психологиялык, экономикалык зомбулук жана кыянатчылык менен колдонуу, ошондой эле алардын муктаждыктарына этибарсыз мамиле кылуу;
- ГЗ жана ҮБЗ башка түрлөрү.

## 1.2 Алдын алуу ыкмалары

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине таянуу менен, жана ошондой эле улуттук жана чет элдик тажрыйбаларды эске алуу менен, **жергиликтүү деңгээлде ГЗ жана ҮБЗ деңгээлин төмөндөтүү максатында** мындан ары ҮБЗ жана ГЗ алдын алуу ыкмаларынын тизмеси сунушталат. Айрым чаралар милдеттүү болуп эсептелет, себеби муну Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана мыйзам алдындагы актылары талап кылат. Ошондой эле, тандоо конкреттүү жамааттын маданий жана диний өзгөчөлүктөрүнөн, кырдаалдан, жеткиликтүү ресурстар барбы ж.б. көз каранды болгон ыкмалар сунушталган. Белгилей кетүүчү нерсе, ЖӨБО бул жерде багыттоочу катары сунушталган маалыматтарды колдонуп, чечимдердин инновациялык варианттарын иштеп чыгууга дайыма умтулуулары керек. Сунушталган ыкмалар алар багытталган аудиториядан көз карандуу түрдө **адистештирилген** жана **универсалдуу** деп бөлүнөт, булар ар түрдүү аудиторияларга тиешелүү болушу мүмкүн. Чараларды жыйынтыктоочу акыркы тандоо программалык документтерди иштеп чыгуунун алкагында, тактап айтканда укук бузуулардын алдын алуу боюнча биргелешкен пландардын (кененирээк 2.4-карагыла) жана аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларынын алкагында ишке ашырылуусу мүмкүн.

## Адистештирилген ыкмалар

### 1.2.1 Калктын кеңири топтору менен маалыматтык-агартуучулук иш алып баруу

**МАКСАТЫ**: гендердик тең укуктуулуктун зарылдыгы, зомбулукту жана жыныстык белгиси боюнча басмырлоонун бардык формаларын, зомбулук учурларына кайдыгерликти кабыл албоо жана ага жол бербөө жөнүндө көз караштарды бекемдөө.

**АУДИТОРИЯ**: жашоочулар.

**УСУЛДАР:** жашоочулар менен айыл тургундарынын жыйындары, ата-энелер жыйналыштары, окуу жайлардагы класстан тышкаркы сабактар, тематикалык роликтерди жана тасмаларды коллективдүү түрдө көрүү формаларындагы маалыматтык-агартуучулук иш-

чараларды үзгүлтүксүз түрдө өткөрүү сунушталат. Ошондой эле, милициянын аймактык ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жана балдар иштери боюнча тескөөчүнүн ж.б. отчеттук жолугушуусунун тематикасына ГЗ жана ҮБЗ суроолорун интеграциялоо зарыл. Муну менен катар эле, аудиториянын өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү, мисалы, жаш курагын, билимин, тилин ж.б. Үймө-үй кыдыруу, эң биринчи кезекте тобокелчилик топтору (кененирээк 2.2.6 карагыла) үчүн атайын чараларга кирет, ошондой эле маалыматтык-агартуучулук иштердин элементтерин камтышы мүмкүн, муну жашоочуларга ГЗ жана ҮБЗ көйгөйлөрү жөнүндө маалымат берүү түрүндө колдонсо болот, ошондой эле жашоочуларда кошуналардын, туугандардын ж.б. арасындагы белгилүү болгон ҮБЗ учурларына кайдыгер эмес жүрүм-турумду ойготуу үчүн уюштургула. Салттуу ыкмаларды санариптик технологияларды жана интернет ресурстарын колдонуу менен толуктоо зарыл (кененирээк 2.2.7 карагыла).

Өзүнчө бир багыт балдар коллективдеринде (мектептерде жана балдар бакчаларында) жана жаштардын арасында (ЖОЖ, АООЖ) гендердик тең укуктуулук баалуулуктарын калыптандыруу, зомбулуктун бардык формаларын кабыл албоо фокусу менен маалыматтык-агартуучулук иш-чараларды өткөрүү болушу керек.

**МҮМКҮН БОЛУУЧУ ТЕМАЛАР:**

- ГЗ жана ҮБЗ үчүн мыйзам чегиндеги жоопкерчилик;
- жеке адамдын, үй-бүлөнүн, жамааттын жана өлкөнүн көз караштарынан алып караганда ГЗ жана ҮБЗ терс зыяндары;
- ГЗ жана ҮБЗ учурлары жөнүндө билдирүүгө жана мындай учурда жардам сурап кайрылууга боло турган укук коргоо органдарынын, башка компетенттүү органдардын, кризистик борборлордун, акысыз юридикалык жардам борборлорунун, түз байланыш жана ишеним телефондору түйүндөрүнүн байланышуу түйүндөрү;
- эркек менен аялдын ортосундагы тең укуктуулук идеяларын илгерилетүү;
- башка темалар.

## 1.2.2 Эркектерди союздаш катары тартуу

**МАКСАТЫ**: эркектерде жана эркек балдарда гендердик тең укуктуулук баалуулуктарын, ошондой эле ГЗ жана ҮБЗ каршы аракеттенүү боюнча активдүү позицияларын калыптандыруу.

**АУДИТОРИЯ:** эркектер жана эркек балдар.

**УСУЛДАР:** ***биринчиден***, эркектердин арасынан “активдүү тарапташтарды” издөө жана алардын потенциалдарын өстүрүү зарыл. Белгилүүлүгү, социалдык абалы, жеке үлгүсү жана ынандыруу жөндөмү менен коомчулукта зомбулукка каршы туруу идеяларынын агенти боло алгандарга көңүл буруу керек. ГЗ жана ҮБЗ алдын алуу боюнча эл арасындагы иш-чаралардын натыйжасында активдүү тарапташтардын тизмесин жаңыртуу жана аларды алдын алуу ишмердүүлүгүнө тартуу сунушталат. Эркек союздаштар үчүн ГЗ жана ҮБЗ көйгөйү боюнча семинарларды жана талкуулоочу аянтчаларды өткөрүү керек, бул аянтчаларда катышуучулар өз ойлору менен бөлүшөт, бири-бирин колдошот жана жаңы ыкмаларды үйрөнүшөт. ЖӨБО жана башка субъекттер союздаш жана тарапташ эркектерге позицияларын билдирүү үчүн аянтчаларды берүү аркылуу жамаатта алардын позицияларынын белгилүү болуусуна жетишүүсү зарыл.

**Экинчиден,** эркектерди жана балдарды көбүрөөк кеңири тартуу үчүн ГЗ жана ҮБЗ көйгөйү жана гендердик тең укуктуулук боюнча маалыматтык-агартуучулук иш-чараларды, жолугушууларды уюштуруу, көрсөтмө материалдарды (буклеттерди, плакаттарды ж.б.) таратуу аркылуу өткөрүү, ошондой эле социалдык түйүндөр (инстаграм, фейсбук ж.б.) аркылуу маалымдоо сунушталат. Мындай иш-чараларды эркектерден турган "активдүү тарапташтарды" "тең теңи менен" принциби боюнча өткөрүлсө болот. Эркектердин арасында кайдыгер эмес жүрүм-турумдун маанилүүлүгүн пропагандалоо зарыл.

**Үчүнчүдөн,** дагы бир багыт үй-бүлөлүк жашоонун маанилүү этабын өткөрүп жаткан эркектер үчүн (үйлөнүү, балалуу болуу ж.б.) семинарлар, жеке жана топтук консультативдик жолугушуулар аркылуу үй-бүлөдөгү гармониялуу мамилелер жөнүндө билимдерди берүү болуп эсептелет.

**МҮМКҮН БОЛУУЧУ ТЕМАЛАР:**

- зомбулуктун түрлөрү жана алар үчүн укуктук жоопкерчилик;
- кайдыгер эмес жүрүм-турумга ойготуу, шыктандыруу;
- эркектердин зомбулукту жеңүүгө катышкан "жандуу" үлгүлөрүн жайылтуу;
- үй-бүлөлүк жашоонун маанилүү этаптарындагы гармониялуу үй-бүлөлүк мамилелер;
- башка темалар.

### 1.2.3 Диний кызматкерлердин катышуусу

**МАКСАТЫ**: дин өкүлдөрүнүн келип-кетүүчүлөрдүн арасында гендердик тең укуктуулук, зомбулуксуз жүрүм-турумга негизделген үй-бүлөдөгү гармониялуу мамилелер принциптерин бекемдөөгө катышуусун камсыз кылуу.

Бул багыт эгерде жамаатта ушул ишти алып барууга муктаждык бар болсо, ал эми дин өкүлдөрү ага катышууга кызыкдар болсо, анда муну калк арасындагы маалыматтык-агартуучулук иштердин кошумча компонентине айлантуу шарт. Бул багыт дин чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты калыптандыруу жана ишке ашыруу боюнча иштерди жүргүзгөн мамлекеттик орган (Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия) жана ички иштер органдары тарабынан усулдук колдоо жана контролдоо менен мыйзам чегинде так аткарылууга тийиш.

**АУДИТОРИЯ:** түздөн түз аудитория ГЗ жана ҮБЗ боюнча алдын алуу иштерин ишке ашырууга кызыкдарлыгын билдиришкен мечиттердин, чиркөөлөрдүн жана башка конфессиялардын уюмдарынын ишмерлери болуп саналат. Ошондой эле, аялдардын диний топторунун формалдуу эмес лидерлери ("атынча" ж.б.) тартылышы мүмкүн. Акыркы жана негизги аудитория болуп, тийиштүү диний уюмдарга келгендер жана диний топтордун мүчөлөрү болуп эсептелишет.

**УСУЛДАР**: ***биринчиден,*** дин жамаатындагы өкүлдөрдүн арасынан кызыкдар болгондорун аныктап алуу зарыл жана алардын ушул чөйрөдөгү потенциалдарын жогорулатууга көмөктөшүү керек. Диний ишмерлер ГЗ жана ҮБЗ орчундуу көйгөйлөрүн, аялдардын үй-бүлөдөгү жана жамааттагы абалдары суроолорун көтөрүп чыга турган иш-чараларды өткөрүүлөрү үчүн аларга багыт берүү жана усулдук жактан жабдуу (камсыз кылуу) сунушталат. Аларды усулдук жактан камсыз кылуу үчүн окутуулар уюштурулуусу мүмкүн

жана алар агартуучулук ишмердүүлүгүндө колдонуулары үчүн көрсөтмө материалдар жана усулдук сунуштамаларды иштеп чыгууга жана алардын арасында таратса болот. Бул тематика боюнча кошумча материалдарды алуу үчүн ЖӨБО ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жана адистештирилген бейөкмөт уюмдарына кайрылуулары зарыл.

***Экинчиден,*** ЖӨБО, башка субъекттер жана кызыкдар диний ишмерлер менен чогуу алардын ГЗ жана ҮБЗ алдын алуу жаатындагы ишмердүүлүгү боюнча жолугушууларды үзгүлтүксүз түрдө өткөрүп туруусу маанилүү. Муну менен катар эле ЖӨБО жана ИИО диний мекемелерде мыйзамга ылайык иш алып барылуусу, гендердик тең укуктуулук принциптерине жана зомбулуксуз жашоо идеяларына дал келүүсү жаатында алып барылып жаткан алдын алуу иштерине мониторинг жүргүзүүсү зарыл.

Расмий түзүмдөр көрсөтмө материалдарды жана усулдук сунуштамаларды иштеп чыгууда гендердик тең укуктуулук, ГЗ жана ҮБЗ суроолорун чагылдырууда светтик нейтралдуу ыкманы колдонуу зарыл. Ошол эле учурда, диний жамааттын катышып жаткан өкүлдөрү усулдук сунуштамаларды тиешелүү конфессиянын шарттарына ылайыктап адаптацияласа болот.

**ТЕМАТИКАЛЫК МАЗМУНУ:** кызыкдар дин ишмерлерди төмөнкү ишмердүүлүктү ишке ашырууга багыттоо сунушталат:

- динге кызмат өтөө учурунда диний насааттардын алкагында, мисалы мечиттердеги бешинчи күнкү намаздар жана дем алыш күндөгү чиркөөлүк кызматтар учурунда ГЗ жана ҮБЗ көйгөйү боюнча агартуучулук ишмердүүлүктү жүргүзүү;
- диний кызмат көрсөтүүлөр учурунда жана келип-кетип туруучу дин жолундагы адамдар менен ГЗ жана ҮБЗ учурларын сынчыл көз караштa талкуулоо;
- келип-кетип туруучу дин жолундагы адамдардын (мечиттерге, чиркөөлөргө) арасында ҮБЗ коргоо жана сактоо боюнча расмий субъекттер жана адистешкен бейөкмөт уюмдары тарабынан даярдалган буклеттерди жана башка басып чыгарылган материалдарды таратуу;
- оор турмуштук кырдаалга кабылган жана/же ҮБЗ оучурларына кабылган келип-кетип туруучу дин жолундагы адамдарга (мечиттерге, чиркөөлөргө) жеке консультацияларды берүү, укук коргоо органдарынын, башка компетенттүү органдардын жана кризистик борборлордун байланышуу түйүндөрүн берүү.

### 1.2.4 Укуктарды, мүмкүнчүлүктөрдү жайылтууга, өзүнө ишенүүгө жана тиешелүү билимдерди алууга көмөктөшүү боюнча чаралардын комплекси аркылуу аялдардын туруктуулугун жогорулатуу

**МАКСАТЫ:** аялдарга алар өз тагдырларынын активдүү жаратуучусу болуусуна жол ачкан, алардын өздөрүнө жана балдарына карата зомбулуктун кайсы гана түрү болбосун орун алуусуна каршы турууларына, зарылчылык бар болсо укук коргоо жана башка компетенттүү органдарга жардам алуу үчүн дайыма кайрылууну билүү көндүмдөрүн, билимдерди алуусуна, өзүнө ишенүү сапаттарына ээ болуусуна жардам берүү.

**АУДИТОРИЯ**: аялдар.

**УСУЛДАР**: ***биринчиден,*** бул багыт аялдардын укуктарын жайылтуу жана зомбулукка каршы аракеттерди көрүү идеяларына активдүү жол баштагыч боло ала турган аял лидерлерди издөөнү жана алардын потенциалдарын жогорулатууну камтышы керек. Алардын ичинде өздөрүнүн таасирдүүлүгүнө, атактуулугуна, ишендирүүгө жөндөмдүүлүгүнө жараша жана зомбулукту жеңгендиги тууралуу жеке бейнеси аркылуу үлгү катары тажрыйбасы менен бөлүшкөн аялдар бар болушу мүмкүн. Алар үчүн семинарларды жана талкуулоочу иш-чараларды өткөрүү, аларга шарттарды түзүп берүү сунушталат, мунун негизинде алардын үнү жамаатка жеткиликтүү болот. Аял лидерлерди аялдардын потенциалдарын жогорулатуу боюнча иш-чараларды өткөрүүгө шыктандыруу зарыл, аларды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерге жана ар кандай демилгелүү топторго кошуу керек.

***Экинчиден,*** аялдардын кеңири чөйрөсү үчүн укуктар, көндүмдөр, басмырлабоо тууралуу билим берүүчү-агартуучу иш-чараларды өткөрүү сунушталат. Мындай иш-чараларды өткөрүүдө аял лидерлерге маанилүү роль берилүүсү керек. Бул ишмердүүлүк жолугушуулар, семинарлар, көрсөтмө материалдарды таратуу (буклеттерди, постерлерди, социалдык түйүндөргө оюн билдирген посттор ж.б.), тематикалык видеороликтерди жана документалдык тасмаларды коллективдүү түрдө көрүү аркылуу ишке ашырылуусу мүмкүн. Кошумча формалар болсо, аялдардын укуктарын коргоо жана зомбулукка каршы аракеттерди көрүү боюнча улуттук кампаниялардын алкагындагы иш-чараларды уюштуруу болуусу керек, мисалы БУУ түзүмүнүн ар жыл сайын өткөрүлүүчү “Гендердик зомбулукка каршы 16 күндүк активдүү аракеттер” кампаниясынын алкагында (тиркемени карагыла).

***Үчүнчүдөн,*** аялдар үчүн кесипкөйлүк артыкчылыктарды жакшыртуу боюнча иш алып барууну караштыруу дагы керек. Бул квалификациясын жогорулатуу жана өзүн өстүрүү боюнча семинарларды өткөрүүнү, аялдарды активдүү түрдө көбүрөөк жумушка орноштуруу үчүн жумуш берүүчүлөрдү шыктандырууну, жумушка орношуу зарылчылыгы барларга тиешелүү мүмкүнчүлүктөр тууралуу ж.б. маалыматтык ишти камтуусу мүмкүн.

Мындан сырткары, аялдарды жеке иш ачууга шыктандыруу зарыл, бизнес-пландарды иштеп чыгуу көндүмдөрүнө окутуу, ошондой эле социалдык келишимдин алкагында мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат берүү зарыл. Билим берүү жаатында болсо, кесиптик ишмердүүлүгүндө алгылыктуу натыйжаларга жетишкен аял лидерлерди устаттар жана конок лекторлор катары тартууга болот. Ошондой эле, аалдардын жумуш менен камсыз болуу кырдаалын жакшыртуу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн ошол аймакта аялдардын жумуш менен камсыз болуу абалына, бул жаатта кырдаалдын өзгөрүүсүнө динамикалуу түрдө мониторинг жүргүзүү зарыл.

***Төртүнчүдөн,*** аялдарга кесиптик, юридикалык, психологиялык жана башка жардамдарды көрсөтүү үчүн шарттарды түзүү жана колдоо көрсөтүү керек. Бул ГЗ жана ҮБЗ жабырлануучуларына даректүү жардам көрсөтүүнү, ошондой эле пайдалуу психологиялык билимдерге жана көндүмдөргө окутууну камтыйт. Аялдарга ГЗ жана ҮБЗ жасалган учурларда ыкчам жардам көрсөтүүгө адистешкен ишеним телефондору жана “түз байланыш түйүндөрү” бар экендиги жөнүндө маалымат берүү зарыл.

***Бешинчиден,*** аялдардын позицияларынын туруктуулугун жогорулатуунун маанилүү шарты – алардын башкаруучу түзүмдөрдөгү, анын ичинде жергиликтүү кеңештердеги өкүлчүлүгүн

кеңейтүүнү жана ресурстардын бирдей жеткиликтүү болуусун жана мамлекеттик башкаруунун бардык деңгээлдердеги өкүлчүлүгүн кеңейтүүнү илгерилетүү болуусу керек. Ушуга байланыштуу, 2030-жылга чейин аялдар лидерлигине колдоо көрсөтүү боюнча Мамлекеттик программанын жана 2024-2027-жылдарга карата аялдар лидерлигине колдоо көрсөтүү боюнча Мамлекеттик программаны ишке ашыруучу Аракеттер планын[5] жергиликтүү деңгээлде ишке ашыруу – бул багыттагы негизги элементтердин бири болуп эсептелет.

Эң биринчи кезекте, башкаруучулук түзүмдөрдө өкүлчүлүктүк кылган аялдар жергиликтүү деңгээлде ГЗ жана ҮБЗ алдын алуу суроолору боюнча чечимдерди кабыл алууда жана аялдардын кызыкчылыктарында жол баштоочу болуулары маанилүү.

Өз кезегинде, жамааттын аялдары менен жолугушууларды үзгүлтүксүз түрдө өткөрүп туруу, жергиликтүү кеңештерге тиешелүү сунуштарды киргизүү, ГЗ жана ҮБЗ ж.б. жеңүү, гендердик тең укуктуулук суроолору боюнча угууларды уюштуруу сунушталат.

**МҮМКҮН БОЛУУЧУ ТЕМАЛАР:**

- көйгөйлөр жөнүндө унчукпай койбоого, айтууга жана жардам алуу үчүн укук коргоо органдарына, ошондой эле башка компетенттүү органдарга кайрылууга үндөө;
- лидер аялдардын, зомбулукту жеңген аялдардын инсандык окуялары (жеке көрсөткүчтөрүнүн купуялуулугунун негизинде);
- санариптик коопсуздук (интернеттеги коопсуз жүрүм-турум, коркутууларды идентификациялоо, жеке көрсөткүчтөрдү сактоо ж.б.);
- укук коргоо органдарына жана башка компетенттүү органдарга ишенүү суроолору;
- ГЗ жана ҮБЗ коргоонун укуктук механизмдери, укук коргоо жана башка компетенттүү органдардын, акысыз юридикалык жардам кызматтарынын жана кризистик борборлордун байланышуу түйүндөрү;
- кесиптик билимдер жана жумушка орноштурууга көмөктөшүү;
- психологиялык, анын ичинде өзүн өстүрүү, адамдардын ортосундагы жана эки адамдын ортосундагы карама-каршылыктарды жеңүү боюнча билимдер жана көндүмдөр;
- 2030-жылга чейин аялдар лидерлигине колдоо көрсөтүү боюнча Мамлекеттик программанын жана 2024-2027-жылдарга карата аялдар лидерлигине колдоо көрсөтүү боюнча Мамлекеттик программаны ишке ашыруучу Аракеттер планын ишке ашыруу[6];
- башка темалар.

[5] Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, 7-март, 2024-жыл №62

6 Ошол эле жерде.

## 1.2.5 ГЗ жана ҮБЗ алдын алууда жана чара көрүүдө катышуусу стратегиялык жактан маанилүү болгон өзүнчө кесипкөй топторду тартуу

**МАКСАТЫ**: ГЗ жана ҮБЗ жеңүү боюнча аракеттер үчүн өзүнчө кесипкөй топторду тартуу

**АУДИТОРИЯ**: өздөрүнүн таасири, кадыр-баркы жана маалыматтын өзүнө жеткиликтүүлүгү боюнча ГЗ жана ҮБЗ көйгөйлөрүн чечүүдө катышуусу стратегиялык түрдө маанилүү кесипкөй топтор. Мындайларга жумуш берүүчүлөр, менчигинин формаларынан көз карандысыз түрдө мекемелердеги жана уюмдардагы кадрдык бөлүмдөр жана эмгек коллективдери, журналисттер ж.б. киришет.

**УСУЛДАР:** биринчиден, ГЗ жана ҮБЗ жеңүү программаларында кимдин катышуусу жамаат үчүн стартегиялык жактан маанилүү болсо, ошол кесипкөй топторду аныктап алуу керек. Муну менен катар эле аныктап алган топтор үчүн атайын окутууларды жана алар менен баарлашуучу жолугушууларды уюштуруу зарыл.

***Экинчиден***, менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын жана мекемелердин иш берүүчүлөрүнө өзгөчө көңүл буруу керек. Жумуш берүүчүлөрдүн өздөрүн түзмө-түз, ошондой эле аларга баш ийген эмгек коллективдерин жана кадрдык бөлүмдөрүн (эгерде мындайлар бар болсо) ҮБЗ жана ГЗ алдын алууга катышуусуна шыктандыруу жана аларга маалымат берүү зарыл. ЖӨБОго уюмдардын жана мекемелердин жетекчилерин ГЗ жана ҮБЗ учурларынын алдын алуу жана чара көрүү боюнча ички саясатты иштеп чыгууга жана кабыл алууга шыктандыруу, алар менен дайыма байланышта болуу механизмдерине колдоо көрсөтүү, алар үчүн адистештирилген семинарларды өткөрүү сунушталат.

**МҮМКҮН БОЛУУЧУ ТЕМАЛАР:** жумуш берүүчүлөрдү өздөрүнүн жамаатынын ичинде төмөнкү ишмердүүлүктөрдү ишке ашыруу үчүн шыктандыруу жана усулдук жактан камсыз кылуу сунушталат:

- аялдардын жана эркектердин ортосундагы тең укуктуулуктун, гендердик басмырлоону, ГЗ жана ҮБЗ жеңүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө маалыматтык-агартуучулук иш-чараларды өткөрүү;
- гендердик басмырлоонун, ГЗ жана ҮБЗ алдын алуу жана чара көрүү боюнча ички саясатты бекитүү;
- эгерде жумушчу аялдарга карата ГЗ жана ҮБЗ жасалган учурлар белгилүү болгон учурларда укук коргоо органдары жана башка компетенттүү органдар, кризистик борборлор менен байланышууну колдоого алуу;
- ГЗ жана ҮБЗ жабыр тарткан жумушчу аялдарга карата купуялуулукту камсыз кылуу;
- ГЗ жана ҮБЗ жабыр тарткан жумушчу аялдарга тергөө жана соттук-процессуалдык аракеттерге толук кандуу катышууга жол берген убактылуу жеңилдик эмгек режимин берүү;
- жумуш орундарында зомбулукка, ыдык көрсөтүүгө (сексуалдык асылууга) бөгөт коюу, ГЗ бардык формаларына бөгөт коюу үчүн укук коргоо органдары менен байланышта болуу.

### 1.2.6 Аярлуу топторго карата атайын чараларды жана мониторинг жүргүзүүнү ишке ашыруу

**МАКСАТЫ:** инсандар аралык жана инсандык конфликттердин зомбулукка айланып кетишине жол бербөө, ал эми ҮБЗ болгон үй-бүлөлөрдө аялды жана анын балдарын ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч кырдаалдан чыгаруу, зомбулуктун кайталанышына жана күчөшүнө бөгөт коюу жана жол бербөө.

**АУДИТОРИЯ**: тобокелчилик топторундагы, анын ичинде мурда зомбулукту баштарынан кечирген үй-бүлөлөр, каржылык же социалдык көйгөйлөрдөн улам стресстин деңгээли жогору, ичимдиктен жана баңгизатынан ж.б. көз карандуулуктун бар болгон үй-бүлөлөр.

**УСУЛДАР:** тобокелчилик топторундагы үй-бүлөлөргө барып турууну үзгүлтүксүз түрдө жолго коюп камсыз кылуу, үймө-үй кыдырып туруу, кайсы бир учурда ҮБЗ жасаган адамдар менен алдын алуучу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп туруу, ошондой эле жабырлануучулар менен паралелдүү түрдө иш алып баруу зарыл. ҮБЗ сактоо жана коргоо боюнча ар кыл чөйрөдөгү субъекттерди камтыган мобилдик топтордун иштөө тажрыйбасы колдоого алынуусу керек.

Үймө-үй кыдырууну жана алдын алуучу аңгемелешүүлөрдү жүргүзүүдө ушул Практикалык колдонмодогу принциптерди кармануу, бул ишмердүүлүктү ишке ашыруу үчүн атайын нускамаларды бекитүү сунушталат. ГЗ жана ҮБЗ жабыр тарткан аял зомбулуктун кайталануусу тууралуу ачык белгилер жок болсо эле колдоо көрсөтүүсүз калтырылбашы керек (кененирээк Жардам көрсөтүү бөлүмүн карагыла).

## Универсалдуу ыкмалар

### 1.2.7 Санарип технологияларды жана интернет-ресурстарды колдонуу

**МАКСАТЫ**: санарип технологияларды жана интернет-ресурстарды колдонуу аркылуу алдын алуу иш-чараларынын натыйжалуулугун жана жеткиликтүүлүгүн, кулачын жайылтуу

**АУДИТОРИЯ**: Интернеттин колдонуучулары, анын ичинде жаштар аудиториясы.

**АДИСТЕШТИРИЛГЕН ЫКМАЛАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ:** эң биринчи кезекте “Калк менен маалыматтык-агартуучулук иш алып баруу”, “Эркектерди өнөктөштөр катары тартуу” жана “Укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө, өзүнө ишенүү жана тиешелүү билимдерди алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жардам берүү боюнча чаралардын комплекси аркылуу аялдардын туруктуулугун жогорулатуу” ыкмаларынын алкагында аудиторияны кеңейтүүгө, анын кулачынын жайылуусуна шарт түзөт.

**УСУЛДАР:** жамааттагы ар түрдүү аудиториялар үчүн популярдуу социалдык түйүндөргө жана интернет-ресурстарга алдын ала анализ жүргүзүү сунушталат. Билдирүүлөрдү жана маалыматты берүүнүн манерасы аудиториялардын кызыкчылыктарына жараша адаптацияланыусу зарыл.

Маалыматты мамлекеттик, ошондой эле, расмий тилде дагы жана жамааттын жашоочуларынын орчундуу бөлүгү сүйлөгөн башка тилдерде дагы берүү сунушталат.

**Төмөндө интернет-ресурстарды жана санарип технологияларды колдонуунун мүмкүн болуучу беш ыкмасы** берилген. Технологиялар дайыма өзгөрүп тургандыктан, бул тизме кеңейиши жана өзгөрүүсү мүмкүн.

***Биринчиден,*** ГЗ жана ҮБЗ жеңүү боюнча ишке ашырылып жаткан ишмердүүлүк жана аныкталган зомбулук учурлары жөнүндө маалымат берүү үчүн интернет-басылмалар менен өз ара активдүү аракеттенүү сунушталат.

***Экинчиден***, социалдык түйүндөрдү жана мессенджерлерди колдонуу максаттуу (Инстаграм,

**Жаштардын жана токтолуп калган аудиториянын спецификасын эске алуу**

Жаштардын спецификасы берүүнүн көбүрөөк жандуу манерасын, сүрөт жана видео иллюстрациялардын болуусун талап кылат, ал эми ошол эле учурда токтолуп калган аудитория статистиканы жана түшүндүрүүнү камтыган тексттер менен таанышууга жакын.

Фейсбук, Телеграмм каналы, WhatsApp топтор ж.б.), булар аркылуу ГЗ жана ҮБЗ жеңүү тематикасындагы тексттик, сүрөт жана видеоматериалдарды жарыялоого болот. Бул максатта атайын баракчаларды же каналдарды ачсаңар болот, ошондой эле көп сандагы катталуучулары бар баракчалардын жана каналдардын кожоюндары менен өнөктөш болуп, колдоону жолго коюп алсаңар болот.

***Үчүнчүдөн***, семинарлардын, талкуулоочу жолугушуулардын жана тегерек столдордун адаттагы форматтарына (оффлайн) кошумча катары, онлайн иш-чараларды өткөрүү пайдалуу. Онлайн иш-чараларды уюштуруу үчүн ар түрдүү акы төлөнүүчү жана акысыз платформалар колдонулушу мүмкүн: Zoom, Teams, Google Meet ж.б.

***Төртүнчүдөн,*** аялга зомбулук учуру тууралуу ыкчам билдирүүгө же болбосо укуктук жана психологиялык жардам, маалымат алууга шарт түзгөн мобилдик тиркеме иштелип чыкса болот. Мындай тиркемелерди ишке киргизүүдөн жана колдоого алуудан сырткары (бул чоң каражаттарды талап кылат жана бул жамааттардын көбү үчүн жеткиликсиз болуп калышы мүмкүн), өлкөдөгү иштеп жаткан ушундай ресурстар тууралуу маалымат берилсе болот.

Дагы бир вариант – бул аялдар үчүн күнү-түнү маалыматтык-консультативдик жардам көрсөтүүчү телеграмм боттор түзүлсө болот, мисалы, ГЗ түрүн аныктоо үчүн, укуктук ченемдер жана процедуралар жөнүндө маалымат ж.б. тууралуу маалымат берүү үчүн, жардам сурап кайрылса боло турган уюмдар жана алардын байланышуу түйүндөрү.

ЖӨБО Кыргыз Республикасындагы ГЗ жана ҮБЗ жабырлануучуларына жардам көрсөтүү боюнча пайда болгон мобилдик тиркемелерди, телеграмм ботторду карап, аларга үзгүлтүксүз түрдө мониторинг жүргүзүп туруусу керек, андан соң алардын ишенимдүүлүгүн текшерип чыккандан кийин гана алар тууралуу аялдарга маалымат берүү зарыл.

***Бешинчиден***, мессенджерлерди активдүү колдонуу (вотсап, телеграмм ж.б.) көп сандагы адамдарды камтыган ыкчам байланышууну камсыз кылат, бул болсо ГЗ жана ҮБЗ бөгөт коюу боюнча иш алып барган топтор үчүн, өзгөчө айыл башчылары жана кварталдык комитеттердин төрагалары/төрайымдары үчүн пайдалуу болот, мисалы, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер үчүн ж.б.

**МҮМКҮН БОЛУУЧУ ТЕМАЛАР:**

- аялдардын укуктары, гендердик тең укуктуулуктун принциптери ж.б.;
- аялдардын укуктарын коргоо жаатында иш алып барган кризистик борборлордун, бейөкмөт уюмдарынын ишмердүүлүгү жана алардын байланышуу түйүндөрү;
- аялга ал кабылган зомбулуктун түрлөрүн аныктоого жардам берүү, зомбулуктун ар бир түрү учурундагы жүрүм-турумдардын мүмкүн болуучу стратегиялары жөнүндө маалымат берүү;
- аялдарды жашоодо активдүү позицияга ээ болууга, колдо бар укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууга, анын ичинде бизнес кылуу, жумушка орношуу, билим алуу жана коомдук-саясий жашоого катышуу мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууга шыктандыруу. ГЗ жана ҮБЗ башынан өтүп, аны жеңген аялдар сыяктуу эле (купуялуулукту сактоо аркылуу), ар кыл ишмердүүлүктөрдө маанилүү натыйжаларга жетишкен аялдардын ийгиликтүү мисалдары тууралуу маалыматтарды жайылтуу;
- эркектерди жана эркек балдарды аялдардын укуктарын сыйлоого, жамаатта зомбулуксуздук идеясын активдүү илгерилетүүгө, аялдардын укуктарын коргоо жана зомбулукту жеңүү боюнча эркектердин ийгиликтүү окуялары жөнүндө маалыматтарды жайылтуу;
- зомбулук учурлары жана күнөөлүүнү жоопкерчиликке тартуу жана жабыр тарткалды Кыргыз Республикасынын коомчулугунда жана башка бөлүктөрүндө коргоо боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө маалыматты жайылтуу;
- Кыргыз Республикасынын коомчулугунда жана башка бөлүктөрүндө аялдардын укуктарын коргоо, тең укуктуулукту илгерилетүү жана зомбулукту жеңүү боюнча ийгиликтүү демилгелердин ишке ашырылуу жөнүндө маалыматтарды жайылтуу;
- башка темалар.

## 1.2.8 Билим берүүчү иш-чараларды өткөрүү

**МАКСАТЫ:** калктын, ГЗ жана ҮБЗ көйгөйлөрүн чечүүгө таасирин тийгизе алган субъекттердин жана негизги топтордун гендердик басмырлоону, ГЗ жана ҮБЗ жеңүүгө байланыштуу суроолордун комплекси боюнча билимдеринин жана көндүмдөрүнүн деңгээлин жогорулатуу.

**АУДИТОРИЯ**: калк, анын ичинде аялдар, эркектер, жаштар, кесипкөй топтордун, дин жамаатынын өкүлдөрү, ҮБЗ сактоо жана коргоо боюнча субъекттер.

**АДИСТЕШТИРИЛГЕН ЫКМАЛАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ:** бул ыкма бардык адистештирилген ыкмаларды толуктай алат.

**УСУЛДАР:** ар кыл топтордо окутууну өткөрүү сунушталат. Окутууну уюштуруу үчүн топтордун ар биринин муктаждыктарына анализ жүргүзүү зарыл. Окутуу иш-чараларынын мазмуну катышуучулардын билим деңгээлдерин, тема боюнча маалыматтуулугун, алар кайсы тилде сүйлөшөрүн ж.б. эске алуусу керек. Салттык семинарлар, тренингдер, лекциялар, ушулардын эле көп сандагы катышуучуларды камтууну камсыз кылган онлайн форматы сыяктуу иш-чаралардын стандарттык топтомун колдонуу сунушталат. Башка жамааттардын тажрыйбаларын жана эл аралык тажрыйбаны колдонуу максаттуу. Бир гана теориялык материалдарды бербестен, ошондой эле катышуучуларга алар жашоодо же ишмердүүлүктөрүндө колдоно ала турган практикалык көндүмдөргө дагы үйрөтүү маанилүү.

Окутуудагы кошумча ыкма Кыргыз Республикасында дагы жана чет өлкөлөрдө дагы кеңири жайылган Гендердик-сезимтал аракеттерди өздөштүрүү жана аныктоо тутуму (ГСАӨАТ, орусчасы ГАЛС) болушу мүмкүн. Ал катышуучулардын визуалдык куралдар аркылуу гендердик тең укуктуулукка жана жашоо шарттарын жакшыртууга жетишүүгө багытталган жеке жана коллективдүү өзгөрүүлөрдү пландаштырууларына шарт түзөт. Курамында жамааттын мүчөлөрү, ошондой эле субъекттер дагы катышкан, катышуучулар өздөрүнүн лидерлик сапаттарын жогорулатышат, бири-бирин сыйлоо жана кызматташуунун эсебинен жашоодогу максаттарына жетишүүгө, гендердик стереотиптерди сындырууга үйрөнүшөт.

Билим берүүчү иш-чаралар аяктагандан кийин анын натыйжалуулугуна, так жана түшүнүктүүлүгүнө, катышуучулардын алынган билимдерди жашоодо же ишмердүүлүгүндө колдонуу керектигин түшүнүү деңгээлдерине милдеттүү түрдө баалоо жүргүзүү зарыл. Бул үчүн анонимдүү анкеталар колдонулат.

Субъекттер үчүн биргелешкен билим берүүчү иш-чараларды өткөрүү сунушталат, булар болсо билим бергенден сырткары, социалдык өнөктөштүктүн өнүгүүсүнө жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүгө көмөкчү, түрткү боло алат.

**МҮМКҮН БОЛУУЧУ ТЕМАЛАР:**

***Алдын алуу жана чара көрүү субъекттери үчүн:***

- ар түрдүү субъекттердин ГЗ жана ҮБЗту алдын алууну жана чара көрүүнү уюштуруусу; ГЗ жана ҮБЗту жеңүү үчүн өзгөрүүлөргө адвокация кылуу;
- субъекттердин тармактык өз ара аракеттенүүсү;
- ГЗ жана ҮБЗны жеңүүдө интернет ресурстарды жана санарип технологияларды колдонуу;
- ГСАӨАТты (орусчасы ГАЛС) колдонуу;
- башка темалар.

***Калктын ар кандай топтору үчүн, аялдарга артыкчылык берүү менен:***

- ГЗ жана ҮБЗ түрлөрү жана алардан коргоо механизмдери;
- аялдардын туруктуулугунун психологиялык маселелери;
- натыйжалуу сүйлөшүү, адамдардын ортосундагы жана эки адамдын ортосундагы карама-каршылыктарды чечүү жана өзүн өстүрүү көндүмдөрү;

- санариптик коопсуздук жана жеке маалыматтарды коргоо;
- ГСАӨАТты (орусчасы ГАЛС) колдонуу;
- башка темалар.

### 1.2.9 Маалыматтык материалдарды таратуу

**МАКСАТЫ:** гендердик тең укуктуулук, ГЗ жана ҮБЗ жабырлануучуларына жардам берүүнүн механизмдери боюнча маалыматтуулуктун деңгээлин жогорулатуу, жашоочуларды ГЗ жана ҮБЗ каршы аракеттерди көрүү боюнча активдүү жарандык позицияга ээ болууга шыктандыруу.

**АУДИТОРИЯ:** жашоочулар, аялдарга өзгөчө көңүл буруу менен.

**АДИСТЕШТИРИЛГЕН ЫКМАЛАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШ:** калктын кеңири топторунда маалыматтык-агартуучулук иштерди алып баруу аркылуу интеграцияланышы мүмкүн (2.2.1), эркектерди өнөктөштөр катары тартуу аркылуу (кененирээк 2.2.2-карагыла), укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө, өзүнө ишенүүгө жана тиешелүү билимдерди алууга көмөктөшүү боюнча чаралардын комплекси аркылуу аялдардын туруктуулугун жогорулатуу менен (кененирээк 2.2.4 карагыла), ГЗ жана ҮБЗ алдын алууда жана чара көрүүгө катыштыруу стратегиялык жактан маанилүү болгон өзүнчө кесипкөй топторду тартуу (кененирээк 2.2.5 карагыла).

**УСУЛДАР:** маалыматтык материалдарды таратуу эс тутумга алдын алуучу чаралардын негизги чакырыктарын жеткирүүнүн, визуализациялоонун жана сактонун кошумча куралы катары пайдаланылат. Буларга мамлекеттик жана расмий тилдерде басылып чыгарылган брошюралар, плакаттар, буклеттер, башка басылмалар кириши мүмкүн. Түшүнүктүү, кыска, жеңил жеткиликтүү сөз тутумдары колдонулушу керек. Материалдарды Интернет түйүндөрүндө жана ЖМКлардын сайттарында таралган санарип версиялары менен кайталоо максаттуу. Эске алуу маанилүү: бул сыяктуу материалдар гендердик басмырлоону жана стереотиптерди трансляциялабоосу, колдобошу керек. Майыптыгы бар адамдар аудиториясынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу сунушталат, мисалы, көрүүсүнө байланыштуу майыптыгы бар адамдар үчүн Брайл тамгалары версиясын колдонуу.

ЖӨБО өзүнүн каржылык ресурстарынын чектелүүлүгүн эске алуу менен, өнөктөш бейөкмөт уюмдары жана эл аралык уюмдар тарабынан даярдалган материалдарды таратуу үчүн колдонушса болот.

Маалыматтык материалдардын таратылышын мониторингдөө, алардын камтылышын, маалыматтын жеткиликтүүлүгүн жана аудиторияга тийгизген таасирин эсепке алуу жана изилдөө сунушталат.

**МҮМКҮН БОЛУУЧУ ТЕМАЛАР:**

- ҮБЗ сактоо жана коргоо боюнча мыйзамдар, ГЗ жана ҮБЗ жасагандыгы үчүн жоопкерчиликтер жөнүндө маалымдоо;
- Кризистик борборлор, ГЗ жана ҮБЗ жабырлануучулары үчүн юридикалык жана психологиялык жардам көрсөтүү кызматтары жөнүндө маалымдоо;

- 2030-жылга чейин аялдар лидерлигине колдоо көрсөтүү боюнча Мамлекеттик программадан жана 2024-2027-жылдарга[7] карата аялдар лидерлигине колдоо көрсөтүү боюнча Мамлекеттик программаны ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планынан келип чыгуучу мүмкүнчүлүктөр жөнүндө маалымдоо;
- ГЗ жана ҮБЗ жабырлануучуларына ГЗ жана ҮБЗдан реабилитациялоонун айрым аспекттери, анын ичинде психологиялык жактан кайра калыбына келтирүү тууралуу маалымат берүү;
- гендердик теңчиликке маалымдоо жана шыктандыруу;
- эркектерди зомбулукту жок кылуу боюнча активдүү позицияга үндөө;
- иш берүүчүлөрдү жана башка кесипкөй топтордун ГЗ жана ҮБЗту болтурбоо боюнча активдүү позициясын ойготуу;
- башка темалар.

### 1.2.10 Сүйлөшүүчү иш-чараларды өткөрүү

**МАКСАТЫ:** ачыктык маданиятын калыптандыруу жана ГЗ жана ҮБЗ жоюу маселелери боюнча биргелешкен чечимдерди иштеп чыгуу.

**АУДИТОРИЯ**: калк; субъекттер

**АДИСТЕШТИРИЛГЕН ЫКМАЛАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ:** бардык адистештирилген ыкмалар

**УСУЛДАР**: Сүйлөшүү механизмдери кызыкдар тараптарды талкуулоого, чечүү жолдорун издөөгө жана субъекттердин бири-биринин алдындагы жана жамааттын алдындагы ачыктыгын камсыз кылуу менен бирге, бардык деңгээлдерде жана ГЗ, ҮБЗ алдын алуунун бардык ыкмаларын ишке ашырууда колдонулушу керек. Диалогдун төмөнкү форматтарын колдонсо болот: форумдар, тегерек столдор, консультациялык жолугушуулар, онлайн талкуулар (Интернет аркылуу) ж.б. Муну менен катар эле, талкууларды башкарууну ачык жана так күн тартибинин (программанын), модераторлуктун, регламенттин, катышуучулардын көңүлүн талкуулоо предметине бурдуруп кармоонун жана өз көз карашын билдирүүнү каалоочулардын баарын мүмкүнчүлүктөр менен камсыз кылуунун эсебинен камсыз кылууга болот. Талкуулардын жыйынтыктарын, чечимдердин иштелип чыккан варианттарын, мындай иш-чаралардын жыйынтыктары боюнча сунуштамаларды документтештирүү жана ЖӨБОго, башка субъекттерге, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерге, жумушчу топторго, анын ичинде БП даярдоонун жана ишке ашыруунун алкагында түзүлгөн жумушчу топко өткөрүп берүү зарыл. Субъекттердин жетишкен натыйжаларына жана сунуштамаларына анализ жүргүзүү – ГЗ жана ҮБЗ алдын алуунун натыйжалуулугун жогорулатуунун маанилүү элементи болуп эсептелет.

Сүйлөшүү иш-чараларынын милдеттүү багыттарынын бири болгон БП иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун айланасында, ошондой эле СЭӨПнын ГЗ жана ҮБЗ алдын алуу бөлүгүнүн

[7] Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, 7-март, 2024-жыл, №62

айланасында болуусу зарыл. Иш-чаралар жамааттардагы аялдардын, субъекттердин, бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрүнүн катышуусун, ар түрдүү этаптарда: артыкчылыктуу көйгөйлөрдү жана аларды чечүү жолдорун талкуулоодо, БП жана СЭӨП ишке ашырууда жана натыйжалуулукка баа берүүдө өз көз караштарын айта алышкан жамааттын башка мүчөлөрүнүн катышуусун караштырат.

## 1.3 Алдын алууну уюштуруу

### 1.3.1 Кырдаалды талдоо жана артыкчылыктарды аныктоо

Кыргыз Республикасында 2022-2028-жылдарга карата укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын концепциясы үй-бүлөлүк зомбулуктун себептерин, анын ичинде социалдык-экономикалык, психологиялык, материалдык жана башка факторлорду кылдат изилдөөгө багытталган, дайыма туруктуу түрдө иштеген тутумду түзүүнү талап кылат. Ал алдын алуунун натыйжалуу стратегиясын иштеп чыгууга көмөкчү болуусу керек. Демек, жергиликтүү деңгээлдеги алдын алуу чараларын бекитүү кырдаалга анализ жүргүзүү, көйгөйлөрдү артыкчылык менен кароо жана стратегиялаштыруу этаптарын басып өтөт. ЖӨБО бардык этаптарда ачыктыкты сактоосу зарыл жана бардык субъекттерди, анын ичинде жамааттардын өкүлдөрүн, жамааттардагы аялдарды тартуусу зарыл.

Кырдаалга анализ жүргүзүү ГЗ жана ҮБЗ пайда болуусун, аларга шарт түзгөн факторлорду жана ГЗ жана ҮБЗ болтурбоо боюнча мурунку аракеттердин натыйжалуулугун кылдат изилдеп чыгуу дегенди түшүндүрөт. Бул жумуш изилдөөнүн жардамы менен ишке ашырылат, ал жардам алган аялдардын, алдын алуу иш-чараларынын катышуучуларынын, субъекттердин арасында сурамжылоо жүргүзүүнү, ошондой эле субъекттердин ортосунда талкуу жүргүзүүнү ж.б. камтыйт.

Көйгөйлөрдү артыкчылык менен кароо – бул ГЗ жана ҮБЗ менен байланышкан кыйла актуалдуу көйгөйлөрдү аныктоо процесси, алдын алуу чараларынын алкагындагы ишмердүүлүк аларды чечүүгө багытталат.

### 1.3.2 Пландаштыруу

Жергиликтүү деңгээлде ГЗ жана ҮБЗ алдын алуу боюнча чараларды пландаштыруу эки документ аркылуу ашырылат – аймактарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программалар (СЭӨП) жана укук бузуулардын алдын алуу боюнча биргелешкен пландар (БП).

Мыйзамдарга жана концептуалдуу документтерге ылайык, укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү алдын алуу чаралары СЭӨПда караштырылат[8]. Мыйзам программаларды кабыл алуунун эки деңгээлин аныктаган: аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо (СЭӨП) – жергиликтүү мамлекеттик

8 2022–2028-жылдарга карата укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясынын 6-бөлүмү, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 23-августунда №469 токтому менен бекитилген.

администрациялар[9] жана ЖӨБО тарабынан[10]. Эки деңгээлде тең үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо суроолору чагылдырылуусу зарыл[11].

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар деңгээлинде СЭӨП анын аймагына караштуу аткаруучу ЖӨБОнун катышуусунда жергиликтүү мамлекеттик администрация тарабынан иштелип чыгат жана жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын коллегиясында жактырылат[12]. Аким аймактын социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсү үчүн Президенттин жана Министрлер кабинетинин алдында жеке жоопкерчиликтүү болуп саналат. СЭӨПны бул деңгээлде иштеп чыгуунун тартиби атайын усулдук окуу куралда жазылган[13].

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде СЭӨП аны бекитип берүү үчүн ЖӨБОнун аткаруучусу (шаарлардын мэриялары, айыл өкмөтү) тарабынан иштелип чыгат[14]. Аткаруучу ЖӨБОнун башчысы СЭӨПнын аткарылышы жөнүндө жергиликтүү кеңешке маалымат берет (айыл өкмөтү отчет берет)[15]. Учурда аткарылып жаткан СЭӨПдарында ишин улантуучулук караштырылган[16]. Буга альтернатива ЖӨБОнун кайра шайланган башчысынын жергиликтүү мамлекеттик администрациясы менен макулдашуу боюнча үч айдан кечиктирилбеген мөөнөттүн ичинде жергиликтүү кеңештин бекитип берүүсү үчүн ага жаңы СЭӨПнын алып кирет[17].

Ушул деңгээлде СЭӨПнын иштеп чыгуунун тартиби атайын усулдук окуу куралда жазылган[18].

СЭӨПнынын ЖӨБОнун деңгээлиндеги уникалдуулугу, бул документ шаарларды жана айылдык аймактарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн максаттарын, милдеттерин жана иш-чараларын бекитет[19].

Дагы бир документ ЖӨБО тарабынан бекитилүүчү жана укук бузуулардын алдын алуу (анын ичинде аялдарга карата зомбулукту болтурбоо[20]) чөйрөсүндөгү мамлекеттик

---

9 Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 7-беренесинин 3-пункту.

10Ошол жерде, 34-берененин 2-бөлүгүнүн 3-пункту.

11 Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Мыйзамынын 18-беренесинин 2-пункту, 19-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пункту.

12 Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 7-беренесинин 3-пункту.

13 Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин буйругу, 19-ноябрь, 2018-жыл, №156.

14 Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөл. 3-пункту, 51-бер.1-пункту, 45-бер. 1-бөл. 3-пункту.

15 Ошол жерде. 48-бер. 1-бөл.12-пункту, 54-бер.4-пункту.

16 Ошол жерде. 48-бер.1-бөл. 11-пункту, 54-бер.3-пункту.

17 Ошол жерде.

18 Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин 2018-жылдын 15-майындагы №63 жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иштери жана этникалар аралык мамилелер боюнча мамлекетти агенттиктин 2018-жылдын 16-майындагы №01–18/56 Буйругу

19 Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесинин 1-бөлүгү.

20 2022-2028-жылдарга карата укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик Концепциянын 5.5-бөлүгү, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 23-августундагы №469 токтому.

саясаттын компотенттерин жана багыттарын жергиликтүү деңгээлде ачып берүүчү БП болуп эсептелет.[21]. ЖӨБО алдын алуунун башка субъекттери менен биргеликте БП иштеп чыгат жана бекитет, алардын аткарылышы жөнүндө жоопкерчиликтүү тараптардын отчетторун угат. Мына ошентип, БП ЖӨБО өз аймагында алдын алуу субъекттери менен ишмердүүлүктөргө жалпы жетекчилик кылуу боюнча өз ыйгарым укуктарын ишке ашырган куралдардын бири болуп эсептелет.[22].

Эки документтин тең мыйзам тарабынан берилген мүмкүнчүлүктөрүн толук кандуу колдонуу, ошондой эле алардын ортосундагы карама-каршылыктардан жана кайталоолордон качуу максатында БПнын жана СЭӨПнын өзгөчөлүктөрүн аныктоо зарыл. Ошондой эле, алар бирин-бири толуктап туруулары үчүн эки документти тең синхронизациялоо механизмдери сунуш кылынышы керек. Мына ушул себептен улам, бул Усулдук окуу куралы ЖӨБОго жана башка субъекттерге БПнын жана СЭӨПнын ортосундагы өзгөчөлүктөрдү жана өз ара байланышууларды төмөнкүдөй түшүнүүнү сунуштайт.

ГЗ жана ҮБЗ болтурбоо көз карашынан:

- БП аймактагы бардык субъекттердин ишмердүүлүктөрүн кенен көрсөтүп турат, ал тараптардын ролдорун жана салымдарын ачып берет, анын ичинде каржылык ресурстарды, ошондой эле чектешүү чекиттерин дагы ачып берет. БП 2 жылга иштелип чыгат, стратегияларды жана тактикаларды иштеп чыгуучу биринчи документ болуп эсептелет, анан башка субъекттер андан алып өздөрүнүн жеке программаларын жана пландарын, анын ичинде СЭӨП дагы иштеп чыгышат. Жергиликтүү бюджетти каржылоо бөлүгүндө БП күтүүлөрдү камтыйт. БП ЖӨБОнун аткаруучу жана өкүлчүлүктүк органы (жергиликтүү кеңеш) жана аймактык ИИО тарабынан бекитилет.
- СЭӨП болсо, мыйзамдарга ылайык, ЖӨБО тарабынан бекитиле турган, анын милдетине кирген документ болуп эсептелет, ошондой эле каржылоонун көлөмү жергиликтүү бюджеттен караштырылат.

БПды иштеп чыгуу, кабыл алуу, каржылоо тартиби тууралуу жана анын СЭӨП менен өз ара байланышы кененирээк 2.4 карагыла.

### 1.3.3 Каржылоо

Каржылоо менен камсыз кылуу ГЗ жана ҮБЗ алдын алуунун натыйжалуу болуусунун бирден бир негизги шарты болуп эсептелет.

“Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” мыйзамга ылайык ЖӨБО жергиликтүү бюджеттен үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган социалдык кызматтарды түзүүнү

21 Кыргыз Республикасынын ”Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери” Мыйзамынын 2-беренесинин 8-пункту.

22 Ошол жерде. 10-берененин 3-пункту.

караштырат[23]. Буга кошумча укук бузуулардын алдын алуу боюнча мыйзам ЖӨБОну СЭӨПда укук бузулардын алдын алуу боюнча чараларды кабыл алууну милдеттендирет жана бул максатта социалдык буюртманы тартуу же гранттык жардамды бөлүү менен бейөкмөт уюмдарын тартууну жана мыйзамга каршы келбеген каржылоо булактарын тартууну милдеттендирет[24]. Ошондой эле укук бузуулардын алдын алуу боюнча координациялык комиссиялар жергиликтүү кеңештерге укук бузуулардын алдын алуу боюнча биргелешкен пландарды каржылоо үчүн жергиликтүү бюджеттен каражаттарды бөлүү тууралуу сунуштарды киргизүүлөрү керек[25].

2022-2028-жылдарга карата укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат Концепциясы, өз кезегинде жергиликтүү деңгээлдеги укук бузуулардын алдын алуу боюнча иш-чаралар ЖӨБОнун бюджетиндеги каражаттардан укук бузуулардын алдын алуу боюнча биргелешкен пландарда баяндалган иш-чаралардын же социалдык-экономикалык өнүгүү программаларындагы укук бузуулардын алдын алуу бөлүмүндөгү иш-чаралардын негизинде каржыланат[26], ал эми бекитилген биргелешкен пландар каржылоо булактарын камтуулары керек[27].

Ошондой эле мыйзам коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого катышуунун алкагында республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден жана башка булактардан каржылоо алуу укугун караштырат[28].

## 1.4. Укук бузуулардын алдын алуу боюнча биргелешкен пландарда ГЗ жана ҮБЗ алдын алуу боюнча чараларды киргизүү

### 1.4.1 Жалпы жоболор

БП аймактагы коомдук коопсуздук жана укук тартиби чөйрөсүндөгү ар түрдүү артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн иштелип чыгат. ГЗ жана ҮБЗ көйгөйлөрүн чечүү үчүн БП милдеттүү түрдө колдонуу, **ага аялдарга карата зомбулукту болтурбоо боюнча өзүнчө бөлүмдү киргизүү** сунушталат.

БП ишке ашыруу кийинки жыйынтыктарга жетишүүгө түрткү болот:

23 Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө»" Мыйзамынын 19-беренесинин 3-пункту.

24 Кыргыз Республикасынын "Укук бузулардын алдын алуу жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин 4-5-пункттары.

25 Ошол жерде, 11-берененин 8-пункту.

262022–2028-жылдарга карата укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясынын 6-бөлүмү, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 23-августунда №469 токтому менен бекитилген.

27 2022–2028-жылдарга карата укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясынын 4-бөлүмүнүн 1-милдети, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 23-августунда №469 токтому менен бекитилген.

28 Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин 2-бөлүгү.

- көйгөйлөрдү артыкчылык менен кароо жана конкреттүү жамаатта жеткиликтүү ресурстарды эске алуу менен учурдагы абал көз карашынан карап ыкмаларды адаптациялоо;

- ишмердүүлүктү олуттуу жыйынтыктарга жетишүүгө багыттоо;

- алдын алуу иштерин көбүрөөк максаттуу кылуу жана ролдорду так бөлүштүрүү үчүн ГЗ жана ҮБЗ алдын алуу боюнча ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү жана социалдык өнөктөштүктү жакшыртуу;

- ҮБЗ сактоо жана коргоо боюнча субъекттердин отчеттуулугунун мыкты болуусун камсыз кылуу, мониторингди жана ишке ашырылган чараларды баалоону сапаттуу жүргүзүү.

## 1.4.2 Жумушчу топторду түзүү

БП ЖӨБӨнүн жетектөөсүнүн алдында ҮБЗ сактоо жана коргоо, алдын алуу боюнча бардык субъекттердин катышуусунда иштелип чыгат. ЖӨБОнун башчысынын чечими менен БП иштеп чыгуу боюнча атайын жумушчу топту (ЖТ) түзүү сунушталат. Ага кийинки түзүмдөрдүн өкүлдөрүн киргизүү сунушталат:

- социалдык блок үчүн жоопту жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы;
- жергиликтүү кеңеш;
- коомдук-алдын алуу борборлору;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет;
- ИИО (милициянын аймактык ыйгарым укуктуу өкүлү, БИИ) (макулдашуу боюнча);
- саламаттыкты сактоо органдары;
- социалдык коргоо органдары;
- билим берүү органдары жана мектептер;
- ГЗ жана ҮБЗ менен күрөшүү сурлоолору боюнча адистешкен бейөкмөт уюмдары;
- кризистик борборлор, менчигинин түрүнө карабастан;
- башка кызыкдар топтор.

ЖТ жетекчиси катары ЖӨБОнун социалдык блокту жетектеген башчысын же анын орун басарын дайындоо сунушталат. Анын орун басары катары ал коомдук коопсуздукту камсыз кылган тиешелүү жамааттын аймактык ИИОнын орун басары – жетекчисинин өкүлүн дайындоо сунушталат.

ЖТ ордуна, ГЗ жана ҮБЗ алдын алуу боюнча БП иштеп чыгуу функциясын эгерде конкреттүү жамаатта потенциалы бул максаттар үчүн жетиштүү болсо, анда бул функцияны үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет ишке ашыра алат, ал эми анын курамы жогоруда саналып өткөн тараптардан түзүлөт. Мындай учурда үй-бүлөлүк

зомбулуктан сактоо жана коргоо жергиликтүү комитетинин курамына жогоруда белгиленген бардык субъекттер кириши керек

### 1.4.3 Анализдөө, стратегиялаштыруу, консультациялар

БП иштеп чыгуунун баштапкы этабында жамаатта ГЗ жана ҮБЗ айланасында орун алган көйгөйлөрдү талкуулоону уюштуруу керек. Бул көйгөйлөрдүн алдын-ала тизмеси кеңири болушу мүмкүн.

**ГЗ жана ҮБЗ айланасындагы көйгөйлөрдүн** мисалдары (бир гана ушул варианттар менен чектелүүгө болбойт):

- **ҮБЗ жогорку деңгээли:** айрым жамааттарда ҮБЗ деңгээли жогору экени байкалышы мүмкүн, анын ичинде дене бойлук, психологиялык, экономикалык зомбулук.
- **айрым топтордо ГЗ жана ҮБЗ жөнүндө маалымдуулугунун жоктугу:** айрым жамааттарда ГЗ жана ҮБЗ жүрүм-турум нормаларынан айырмалай албаган калктын топтору бар болушу мүмкүн. Ал эми зомбулук жасоо мыйзамга каршы экенин жана муну үчүн мыйзам чегинде жоопкерчилик бар экенин билбеген адамдар бар.
- **Жабырлануучулар үчүн жардамдардын жеткиликтүү болуусунун чектелүүлүгү:** Айрым жамааттарда жабырлануучу аялдар адекваттуу жардам ала алышпайт же алар үчүн жардамдын айрым түрлөрү таптакыр жеткиликсиз, мисалы кризистик борборлор, медициналык жардам, юридикалык же психологиялык колдоо көрсөтүү
- **Укук коргоо органдары тарабынан чара көрүүлөрдүн натыйжалуулугунун алсыздыгы:** айрым жамааттарда бул ресурстардын, окутуулардын жетишсиздигинен же болбосо тамыры терендеп жайылып кеткен гендердик стереотиптерден улам укук коргоо органдарынын ГЗ жана ҮБЗ жөнүндө билдирүүлөргө чара көрүүлөрү жеткиликтүү деңгээлде натыйжалуу эмес. Ал эми учурда иштеп жаткан коргоонун мыйзамдуу механизмдери, мисалы жабырлануучуларды үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого арналган убактылуу коргоо ордерлери формалдуу гана таасирин тийгизүүдө.
- **Аялдардын укук коргоо органдарына жана башка компетенттүү органдарга карата ишениминин жетишсиздиги, ошондой эле ГЗ жана ҮБЗ учурларында жардам алуу үчүн кайрылуу укуктары жана процедуралары жөнүндө маалыматтуулуктун начардыгы:** аялдардын өзүнчө топтору тиешелүү түзүмдөргө ишенбөөлөрү мүмкүн жана/же жардам сурап кайрылуу тартиби тууралуу билбеши мүмкүн. Бул аялдардын укук коргоо органдарына кайрылбоосуна, зарыл коргоого ээ боло албоосуна, ал эми зомбулук жасаган адамдар жоопкерчиликтен качып кетүүсүнө алып келүүдө.
- **ГЗ жана ҮБЗ колдогон маданий жана диний ченемдер:** Айрым жамааттарда маданий жана диний ченемдерди туура эмес чечмелөө байкалышы мүмкүн, бул болсо ГЗ жана ҮБЗ актоого же колдоого алууга алып келиши мүмкүн.
- **Калк арасында ГЗ жана ҮБЗ учурларына карата кайдыгер мамилени жайылтуу:** айрым жамааттарда кээ бир жашоочулар эгерде аларга зомбулук учурлары белгилүү болгон учурда ага кайдыгер мамиле кылып, эч кандай чара

көрбөй жана алар тууралуу укук коргоо органдарына, башка компетенттүү органдарга билдирбей коюулары мүмкүн.

Мындан соң ЖТ көйгөйлөрдү артыкчылыктуулугуна жараша бөлүштүрөт, көбүрөөк актуалдууларын жана жергиликтүү субъекттер жана жамааттар жакынкы эки жылдын ичинде кырдаалдын жакшы жагына өзгөрүүсүнө түздөн түз таасирин тийгизе турган көйгөйлөрдү аныктап чыгышат. Көйгөйлөрдү артыкчылыктуулугуна жараша бөлүштүрүү үчүн кадамдардын жана критерийлердин варианттары колдонулушу мүмкүн (1-тиркемени карагыла). Көйгөйлөрдү артыкчылыктуулугуна жараша бөлүштүрүүнүн жыйынтыктары боюнча ар бир артыкчылыктуу көйгөйгө негиздеме жазып чыгуу зарыл, бул болсо кийин натыйжалуулукту баалоо үчүн колдонулат (кененирээк 2.4.7 карагыла).

Андан ары ар бир артыкчылыктуу көйгөй үчүн милдеттер жана бул милдеттерди чечүү үчүн болжолдуу чаралар иштелип чыгат. Мында ЖТ диалогдук иш - чараларды-кызыкдар тараптардын катышуусу менен чогулуштарды же тегерек столдорду өткөрөт. Мындай иш-чаралардын максаты: алдын алуунун милдеттерине жана чараларына тиешелүү кошумча сунуштарды кабыл алуу,  ал тараптардын алдыда тигил же бул чараларды ишке ашырууда өнөктөш катары чогуу иш-алып барууга  даярдыгына байкоо салуу. Консультацияларга жергиликтүү кеңештин депутаттары, аялдардын формалдуу жана формалдуу эмес топторунун мүчөлөрү, кварталдык комитеттердин жана үй башкармалыктарынын төрагалары/төрайымдары, жергиликтүү бейөкмөт уюмдарынын, кризистик борборлордун өкүлдөрү, диний ишмерлердин арасындагы өнөктөштөр ж.б. катыша алышат.

## 1.4.4 Форматы жана бекитүү

Консультацияларды өткөргөндөн кийин ЖТ милдеттерди жана чараларды жеткиликтүү кылып жакшыртып иштеп чыгат жана аларды артыкчылыктуу көйгөйлөр, күтүлүүчү жыйынтыктар, чаралар, мөөнөттөр, жоопкерчиликтүү тараптар, каржылоо, каржылоо булактары жазылган таблицага киргизет (2-тиркемени карагыла: БП шаблону).

ЖТ ЖӨБОнун башчысына, жергиликтүү кеңештин төрагасына/төрайымына, аймактык ИИОнун жетекчисине планды бекитип берүү үчүн сунуштайт. ЖӨБОнун башчысы БП кабыл алуу тууралуу буйрук чыгарат, ал буйрукта анын аткарылуусуна көзөмөл жүргүзүү үчүн жоопкерчиликтүү кызматкер, жооптуу тараптардын отчет берүү мөөнөттөрү ж.б. көрсөтүлөт.

## 1.4.5 Каржылоо

БП бекитилгенден кийин аны каржылоо менен камсыз кылуу зарыл. Муну үчүн бекитилген документ жергиликтүү бюджеттен каржылоо бөлдүрүү суроосун чечүү үчүн жергиликтүү кеңешке жиберилиши керек.[29].

29 Кыргыз Республикасынын “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамынын 22-бер. 2-бөл., 18-бер.7-пунктунун негизинде, Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө” Мыйзамынын 12-бер. 4-6-бөлүктөрү, 10-бер.5-пункту

Мындан сырткары, бекитилген БПды укук бузуулардын алдын алуу боюнча Координациялык комиссияга дагы жиберүү зарыл, ал болсо БП каржылоо үчүн жергиликтүү бюджеттен каражаттарды бөлдүрүү тууралуу сунуштарын жергиликтүү кеңешке жиберет[30].

Кошумча бюджеттен тышкаркы каражаттарды издөө үчүн эл аралык уюмдар, өкмөттүк эмес уюмдар жана жеке иш-чараларды каржылоону же биргелешип каржылоону колго ала турган бизнес менен консультациялар жүргүзүлүшү мүмкүн.

## 1.4.6 Ишке ашыруу жана субъекттерди координациялоо

БП ишке ашыруу бардык жоопкерчиликтүү тараптардын жана өнөктөштөрдүн ортосундагы координациялоону талап кылат. Координациялоону үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет ишке ашырса болот. Эгерде жергиликтүү комитеттин потенциалы жетишсиз болсо жана анын курамы БП бардык жоопкерчиликтүү тараптарын камтый албаса, анда координациялоо маселеси ЖТ өткөрүлүп берилиши мүмкүн (ГЗ жана ҮБЗ болтурбоо боюнча чараларды координациялоого үчүн жооптуу өзүнчө чакан топ түзүлүшү мүмкүн).

Катчылык функциясын ЖӨБОнун социалдык бөлүмү ишке ашырат.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет (ЖТ) БП ишке ашыруунун жүрүшүн, пайда болгон кыйынчылыктарды ж.б. талкуулоо үчүн кварталына бир жолудан аз эмес жолу чогулуп турушат. Муну менен катар эле, бардык жоопкерчиликтүү тараптар аткарылган иштер жөнүндө маалыматты отурумга (жыйналышка) чейин бир жума мурун алдын ала жөнөтүшөт.

Ошондой эле зарылчылыкка жараша, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет (ЖТ) ЖӨБОнун башчысына, жергиликтүү кеңештин төрагасына жана аймактык ИИОнун жетекчисине БП ишке ашыруунун кайсы гана этабы болбосун өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө сунуштарды киргизе алат, мындай өзгөртүүлөрдүн зарылдыгы тууралуу себептери көрсөтүлөт.

## 1.4.7 Мониторинг жана баалоо

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин (ЖТ) отурумунда (жыйналышында) БПны аткаруучуларынан алынган маалыматтардын жана жыйынтыктардын негизинде ЖӨБО БП аткарылуусуна мониторинг жүргүзөт, анда БП толугу менен ишке ашырылдыбы, аткаруу мөөнөттөрү сакталганбы, БП ишке ашыруу учурунда кыйынчылыктар жана тоскоолдуктар болдубу иликтеп чыгат. Бул маалымат салыштыруу түрүндө даярдалып, кварталына бир жолу жергиликтүү мамлекеттик администрацияга жиберилет (жергиликтүү комитеттин (ЖТ) отурумунан кийин 7 күндүн ичинде), ал болсо салыштыруу түрүндө даярдалган маалыматтарды ЭСКММге жиберет.

БП кабыл алынган мөөнөтү аяктаганга чейинки 30 күн мурун ЖӨБО аткарылган чаралар ГЗ жана ҮБЗ кырдаалына канчалык таасирин тийгизгендигин аныктоо максатында БП ишке

30 Кыргыз Республикасынын «Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө» Мыйзамынын 11-бер.3-бөл.8-пунктунун негизинде.

ашыруунун натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүп баштайт. Бул баалоо расмий көрсөткүчтөргө баалоо жүргүзүүнү, субъекттердин жардам алган аялдардын жана алдын алуу иш-чараларына катышкандардын жана жамааттын башка өкүлдөрүнүн арасында сурамжылоолорду жүргүзөт.

**Баалоо үчүн суроолордун болжолдуу тизмеси**:

- ишке ашырылган чаралар ҮБЗ көйгөйүн чечүүгө кандай позитивдүү таасирин тийгизди жана эмне үчүн;
- кандай чаралар толугу менен же жарым-жартылай ишке ашырылды жана бул эмне менен байланыштуу;
- алдыдагы убакыт аралыгында ГЗ жана ҮБЗ жаатында кандай жаңы чаралар колдонулушу мүмкүн;
- кайсы чаралар мындан ары актуалдуу болбой калды жана жеткиликтүү деңгээлде натыйжалуу эмес жана эмне үчүн;
- башка суроолор.

ЖӨБО жүргүзгөн бул баалоонун алдын ала корутундулары үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жергиликтүү комитетинин (ЖТ) талкуусуна коюлат, жыйынтыгында аны жакшыртып иштеп чыгышат. Жергиликтүү комитеттин (ЖТ) отурумунан (жыйналышынан) кийин Жыйынтыктар тууралуу жазуу жүзүндөгү отчет Жергиликтүү мамлекеттик администрацияга (ЖМА) жиберилет, ал болсо аны ЭСКММге жиберет.

Баалоо ЖӨБОнун же үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жергиликтүү комитетинин (ЖТ) күчү менен жүргүзүлөт. Бул көз карандысыз баалоого бейөкмөт уюмдары дагы тартылуусу мүмкүн.

Баалоонун жыйынтыктары кийинки мөөнөт үчүн БП иштеп чыгуу үчүн негиз катары болот.

### 1.4.8 Укук бузуулардын алдын алуу боюнча кийинки биргелешкен пландарды кабыл алуу

ГЗ жана ҮБЗ айланасындагы көйгөйлөрдү чечүүнү дайыма БПга киргизүү сунушталат. Бирок кырдаалдын өзгөрүп туруусунан артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн, милдеттердин жана чаралардын түзүмү өзгөрүшү мүмкүн. Жаңы БП иштеп чыгууда мурунку БП аткарылуусун баалоонун жыйынтыктарын эске алуу зарыл. Калган учурларда болсо аракеттердин тартиби мурунку этаптагы БП иштеп чыгуу, бекитүү, ишке ашыруу процессин кайталайт.

### 1.4.9 Субъекттердин потенциалдарын жогорулатуу

БП натыйжалуу ишке ашыруу ГЗ жана ҮБЗ алдын алуу чөйрөсүндө заманбап билимдерди жана көндүмдөрдү колдонууну, себептерин жана зыяндарын түшүнүүнү, ГЗ жана ҮБЗ жеңүү чөйрөсүндөгү улуттук жана эл аралык тажрыйба жөнүндө маалымдуулуктун болуусун талап кылат.

Ошондуктан субъекттер жана өнөктөштөр үчүн аталган суроолор боюнча үзгүлтүксүз негиздеги окутууларды караштыруу зарыл. Белгилей кетчү нерсе, катышуучулар өздөрүнүн

муктаждыктарына байланыштуу актуалдуу суроолордон улам пайда болгон билим берүүчү иш-чаралардын тематикасын сунуштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуулары зарыл. Окутуу иш-чараларын бардык субъекттердин катышуусунда жүргүзүү сунушталат, бул болсо алардын ортосундагы кызматташтыкты жана өз ара аракеттенүүнү бекемдөөгө кошумча натыйжа алып келет. Муну менен катар эле, билим берүүчү иш-чараларды практикалык суроолорду талкуулоого жана чечүүгө багыттоо сунушталат.

Эскерте кетчү нерсе, ЖӨБОдо билим берүүчү иш-чараларды өткөрүү үчүн ресурстар бардык убакта эле жетиштүү боло бербегендиктен, бул максатта бейөкмөт уюмдарынын жана эл аралык уюмдардын колдоо көрсөтүүсүн активдүү тартуу керек, ошондой эле ушул сыяктуу окутуучу иш-чаралар тууралуу маалыматтарды издесеңер дагы болот.

Потенциалды жогорулатуу үчүн башка мүмкүнчүлүк - ЖӨБОнун, үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмүнүн кызматкерлери, социалдык кызматкерлер үчүн ЖОЖдордун базасында ишке ашырылуучу квалификацияны жогорулатуу программалары. ЖӨБО бул сыяктуу программаларга байкоо салып турушу керек, анан өздөрүнүн кызматкерлерин ушул сыяктуу программаларга жиберүүсү шарт жана башка субъекттерге дагы буга өз кызматкерлерин жиберип турууну сунуштайт.

> 2024-жылдын апрель айына карата мындай программаларды Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Башкаруу академиясынын базасында (ЖӨБОнун кызматкерлери үчүн) жана К.Карасев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин базасында (социалдык кызматкерлер үчүн) ишке киргизүү боюнча иштер алынып барылууда.

ЭСКММ субъекттерге билим алуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу ар түрдүү маалыматтарды тарата алат.

## 1.4.10 Аймактарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан колдоо программаларынын өз ара байланыштуулугу

Бул документтер бири-бирин толуктап турат. ЖӨБОго тиешелүү БП чаралары СЭӨПна өткөрүлүүсү мүмкүн.

БП бекитилгенден кийин аткаруучу болуп саналган ЖӨБО БПнын милдеттерин жана андагы көрүлүүчү чараларды, ошондой эле СЭӨПнын долбооруна жана СЭӨП планына ведомстволук жактан баш ийген түзүмдөрдү дагы киргизет. Муну менен катар эле чаралардын баасы жана жергиликтүү бюджет дагы курамына кирген каржылоо булактары киргизилүүсү зарыл. Текстте БП менен өз ара байланышын көрсөтүү сунушталат. СЭӨП жергилктүү кеңешке мыйзамда көрсөтүлгөн тартипке ылайык мөөнөттүн ичинде бекитип берүү үчүн жөнөтүлөт.

## 1.5 Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү жана социалдык өнөктөштүк

2022-2028-жылдарга карата укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат концепциясына ылайык, секторлор аралык жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү ГЗ жана ҮБЗ алдын алуудагы өтмө суроо болуп эсептелет[31]. Бул алдын алуу чараларынын натыйжалуу болуусунун жана калктын кеңири катмарын камтуунун шарты болуп саналат.  Мына ушундай кызматташтык туруктуу мүнөзгө ээ болушу керек.

Укук бузуулардын алдын алуу тууралуу мыйзам, ЖӨБО аймактардагы укук бузуулардын алдын алуу субъекттеринин ишмердүүлүктөрүнө жалпы жетекчиликти ишке ашырат[32].

Ошондой эле, ага бардык субъекттерди координациялоону камсыз кылуу негизги функциясы бекитилип берилген. Коомдук тартипти коргоонун өзгөчөлүгүнө жана ички иштер органдары жөнүндө мыйзамдарга ылайык, башка укуктар менен бирге алар укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө мыйзамга ылайык укук бузуулардын алдын алууну ишке ашырышат[33].

ЖӨБО анын өзүндө бардык ыйгарым укуктары болгондуктан, ИИОнун катышуусунда төмөнкү механизмдер аркылуу башка субъекттерди тартат:

- координациялоочу механизмдерди түзүү, муну түзүүдө негизги механизмдердин бири ҮБЗ сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү деңгээлдеги субъекттердин катышуусундагы үй-бүлөлүк зомбулуктардан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер болуп эсептелет;
- ГЗ жана ҮБЗ алдын алуу суроолорун коомдук-алдын алуу борборлорунун ишмердүүлүгүнүн күн тартибине киргизүү;
- ҮБЗ сактоо жана коргоо боюнча башка субъекттерди ҮБЗ алдын алуу боюнча ишмердүүлүктөрдү мыйзамга ылайык кабыл алууну ишке ашырууга жана чараларды көрүүгө шыктандыруу;
- укук бузуулардын алдын алуу боюнча биргелешкен пландарды кабыл алуу жана ишке ашыруу (кененирээк 2.4-бөлүмдөн карагыла).

---

31 2022-2028-жылдарга карата укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат концепциясы, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин токтому менен бекитилген, 23-август, 2022 №469.

32 Кыргыз Республикасынын “Ички иштер органдары жөнүндө” Мыйзамынын 9-бер.5-пункту, 11-январь, 1994-жыл, № 1360-XII

33 Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө” Мыйзамдын 10-бер.1-пункту, 5-май, 2021-жыл, №60.

# 2. ЖӨБОнун ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТОО ЖАНА КОРГОО БОЮНЧА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын[34] 27-беренеси, Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Мыйзамынын 19-беренеси[35], Кыргыз Республикасынын "Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө" Мыйзамы[36], Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашыруунун тартиби жөнүндө" Токтому[37], Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда аялдарга жана балдарга карата зомбулук тобокелчилигин жогорулатуу боюнча мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле башка уюмдардын жана жарандардын өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө Жобону бекитүү жөнүндө" токтому[38] жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларында аныкталган.

## 2.1. ҮБЗ жабырлануучуларга жардам көрсөтүүнүн принциптери жана стандарттары

Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулук адамдын жашоосуна, ден соолугуна жана өнүгүүшүнө карата укуктарын бузуу катары таанылат. Мыйзам мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандардын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого ээ болуу укуктарын сактоого жоопкерчиликтүүлүк принцибин караштырат (Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Мыйзамынын 4-бер)[39].

Үй-бүлөлүк зомбулук учурунда жардам көрсөтүү принциптери улуттук мыйзамдарда[40] жана Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган адам укуктары, аялдардын жана балдардын укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык документтерде караштырылган[41]. Үй-бүлөлүк

34 20-октябрь, 2021-жыл, №123.

35 27-апрель, 2017-жыл, №63.

36 5-маяй, 2021-жыл, №60.

37 1-август, 2019-жыл, №390.

38 22-август, 2019-жыл, №418.

39 27-апрель, 2017-жыл, №63.

40 Кыргыз Республикасынын Конституциясы; Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси; Кыргыз Республикасынын Кылмыш-процессуалдык кодекси; Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси; Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси; Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөлүк кодекси; Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Мыйзамы; Кыргыз Республикасынын "Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө" Мыйзамы, 5-май, 2021-жыл, №60.

41 Бириккен Улуттар Уюмунун Уставы (1945 -ж.); Адам укуктарынын жалпы декларациясы (1948 -ж.); Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (1966 -ж.); Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (1966-ж.); Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактка факультативдик протокол (1966-ж.); Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жок кылуу боюнча конвенциясы (1979-ж.); Аялдарга карата басмырлоону токтотуу боюнча декларацияга факультативдик протокол (1999-ж.); Балдардын укуктары жөнүндө конвенция (1989-ж.); Аялдарга карата зомбулукту токтотуу боюнча декларация (1993 -ж.); 2000-жылдын 31-октябрында Коопсуздук Кеңешинин 4213-жыйынында кабыл алынган 1325 резолюциясы (2000); Карама-каршылыктар учурунда жана өзгөчө кырдаалдар учурунда аялдар менен балдарды коргоо жөнүндө декларациясы (1974 –ж.); Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенция; (2006). Зомбулукка кабылган аялдар жана кыздар үчүн базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн Пакети. Документ Бириккен Улуттар Уюмунун Глобалдык бириккен программасы тарабынан "БУУ-аялдар түзүмү", БУУнун Калк фонду, Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму, БУУнун Өнүктүрүү программасы, БУУнун Баңги заттар жана кымыштуулук боюнча башкармалыгы менен өнөктөштүктө аялдар жана кыздар үчүн базалык кызмат көрсөтүүлөр боюнча даярдалган (мындан ары – БУУ). Кийинки шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://eeca.unfpa.org/sites/default/files/pub-pdf/%D0%9C%D0%BE%D0%B4%D1%83%D0%BB%D1%8C_Total.pdf

зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырууда ЖӨБОнун, жергиликттүү мамлекеттик администрациялардын кызматкерлери, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүнүштөрүнүн кызматкерлери, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттердин, кризистик борборлордун өкүлдөрү жана башка субъекттер жабырлануучуларга багытталган ыкмаларды жетекчиликке алышат, бул ыкмалар төмөнкү принциптерди жана стандарттарды караштырат:

1) адам укуктары, аялдардын жана балдардын укуктары чөйрөсүндөгү мыйзамдарды жана эл аралык стандарттарды сактоо;

2) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандардын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого ээ болуу укуктарын сактоо үчүн жоопкерчиликтүүлүк;

3) басмырлоого жол бербөө, кызмат көрсөтүүлөрдүн тең укуктуулукта жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу, ар бир жабырлануучуга жынысынан, жаш-курагынан, этникалык келип чыгуусунан, жашоо образынан же башка жагдайларынан көз карандысыз түрдө сыйлоо жана татыктуу мамиле кылуу;

4) үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун жана аларга жардам көрсөтүп жаткан кызматкерлердин коопсуздугун камсыз кылуу;

5) баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылуу принцибин сактоо;

6) адамдын укуктарын жана эркиндиктерин кодулаган жана үй-бүлөлүк зомбулукка түрткү болгон элдик адаттарга жана салттарга жол бербөө;

7) үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучулары жөнүндө маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу;

8) жабырлануучуларга укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жардам алуу укуктары жөнүндө, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана башка субъекттерден алардын компетенцияларынын алкагында коргоого ээ болуу укуктары жөнүндө маалымат берүү;

9) үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн жоопкерчилик;

10) жабырлануучуларга кызматтарды жана жардамдарды көрсөтүүдөгү ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү.

## 2.2. ҮБЗ жабырлануучуларына жардам көрсөтүүнүн тартиби

ЖӨБО органдары жана социалдык өнүктүрүү органдары тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына жардам көрсөтүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы № 390 токтому менен аныкталган. Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жардамдар көрсөтүлөт.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга көмөктөшүүнүн алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары (мэриялар, айыл өкмөттөрү) өздөрүнүн аймактарында:

- укук бузуулардын алдын алуу субъекттеринин аткарып жаткан иштерине жалпы жетектөөнү ишке ашырышат.[42];

42 Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренеси, 5-май, 2021-жыл, №60.

- үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча программаларды иштеп чыгышат жана ишке ашырышат, жарандарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган социалдык кызматтарды түзүшөт.[43];
- өзү тейлеген аймактагы аймактык коомдук өз алдынча башкармалыктарды тартуу менен үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына жардамдарды жана социалдык кызматтарды көрсөтүүнү уюштурат.[44];
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер аркылуу жардам көрсөтүшөт.[45];
- ички иштер органдарына үй-бүлөлүк зомбулук жасалышы мүмкүн болгон коркунуч бар экендиги тууралуу маалымдайт .[46].

Жабырлануучуларга жардам ички иштер, социалдык камсыздоонун, балдарды коргоо боюнча, саламаттыкты сактоонун, билим берүүнүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан юстиция, аймактык адвокатура органдарын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аткаруучу органдарын, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарды (кризистик борборлорду, консультативдик-алдын алуу борборлорун) тартуу менен көрсөтүлөт (мындан ары – үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттер).

## 2.3. ҮБЗ жөнүндө маалыматтарды кабыл алуу жана маалыматтарды каттоо

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары өз аймагындагы үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды каттоо үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктун айкындалган фактылары жөнүндө мамлекеттик органдардын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан маалымдалат.[47].
ЖӨБОго Үй-бүлөлүк зомбулук аныкталгандан кийин 24 саттын ичинде маалымат беришет:

1) ички иштер органдары – МШБ/МАБ;

2) РАЭСКМБ/ РЭСКМБ/ ШЭСКМБ – үй-бүлөнү жана балдарды коргоонун шаардык, райондук, райондор аралык бөлүмдөрү;

3) саламаттыкты сактоо уюмдары – ФАП/ҮБДТ/ҮБМБ;

4) билим берүү уюмдары – мектептер, КЛ/КОЖ.

ЖӨБО өзүнүн аймагындагы үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды каттоого алууну журналдын бекитилген формасына ылайык жүргүзөт.[48].

43 Кыргыз Республикасынын “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамынын 19-беренеси, 27-апрель, 2017-жыл, №63.

44 Кыргыз Республикасынын “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамынын 19-беренеси, Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү тартиби 18-пунктунун пунктчасы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому менен бекитилген, 2019-жылдын 1-августу, №390.

45 Ошол жерде.

46 Ошол жерде.

47 Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү тартиби, 22-пункт, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому менен бекитилген, 2019-жылдын 1-августу, №390.

48 Өкмөтүнүн үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүүнүн Тартибине 1-Тиркеме. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому менен бекитилген, 2019-жылдын 1-августу, №390.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун
жабырлануучуларына жардам
көрсөтүү тартибинин
1-тиркемеси

**Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча жарандардын кайрылууларын эсепке алуу**
**ЖУРНАЛЫ**

______________________________________________________________

(органдын же уюмдун аталышы)

| № | Кайрылган күн жана убакыт | Маалыматтын булагы | Жабыр тарткан адамдын аты-жөнү, туулган күнү | Жашаган жери | Жашы жете электер кайрылганда ата-энелери (аларды алмаштырган адамдар) жөнүндө маалыматтар | Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашыруучу башка субъекттерден алынган жардамдын түрү | Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча кайсы субъекттерге кайра жиберилген | Кайрылуунун формасы (түздөн-түз/ телефон боюнча, анонимдүү) | Маалымат берилди (үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча кайсы субъекттерге маалымат берилгендиги көрсөтүлсүн) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |

Эскертүү: журналдын барактарына номерлер коюлуп, бөлүнүп, органдын же уюмдун мөөрү жана жетекчисинин колу коюлушу керек.

## 2.4. ҮБЗ жабырлануучуларына жардам көрсөтүү боюнча практикалык сунуштамалар

### 2.4.1 Негизги жоболор

Эң биринчи кезекте үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына жардам көрсөтүү боюнча райондук, облустук жана республикалык деңгээлдердеги жеткиликтүү жана учурда иштеп жаткан кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалымат чогултулсун.

Айрым жардам көрсөтүү кызматтары түз байланышуу түйүндөрү, мобилдик тиркемелер жана дистанциондук колдоо көрсөтүүнүн башка түрлөрү аркылуу иштеши мүмкүн. Жергиликтүү деңгээлде дистанциондук түрдө колдоо көрсөткөн кызматтар жөнүндө маалымат чогултуу зарыл.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына медициналык, психологиялык, социалдык кызматтарды көрсөткөн, коопсуз жай берген, азык-түлүк жана азык-түлүктүк эмес товарлар менен камсыз кылуу кызматтарын көрсөткөн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар жөнүндө билүү керек. Кризистик борборлор, аялдар уюмдары, ишкерлер, майыптыгы бар адамдарга жардам берүү боюнча уюмдар, мечиттер/чиркөөлөр тарабынан көрсөтүлө турган жардамдар жөнүндө билүү зарыл.

Ал тургай эгерде үй-бүлөлүк зомбулук учурларында сиздин аймакта жардам көрсөтүү боюнча кызматтар жок болсо дагы, балким кошумча көңүл буруууга же колдоо көрсөтүүгө муктаж болгон жабырлануучуларга жардам бере ала турган үй-бүлөнү жана балдарды коргоо чөйрөсүндөгү адистер же психикалык ден соолукту сактоо чөйрөсүндөгү адистер сыяктуу башка өнөктөштөр бар болушу мүмкүн.

Аймакта, райондо, облуста жеткиликтүү болгон жардам берүү кызматтарынын тизмеси жана байланышуу түйүндөрү жазылган Маалыматтык баракчасы түзүлүсү зарыл:

- мамлекеттик органдар тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар;
- аялдар жана балдар уюмдары, кризистик борборлор, майыптыгы бар адамдарга жардам көрсөтүүчү уюмдар, мечиттер/чиркөөлөр ж.б. тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар.

ҮЛГҮ

***Үй-бүлөлүк зомбулук учурларында кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн***

***Маалыматтык баракчасы***

**ЖӨБОнун аталышы**________________________________________

| | **Аталышы** | **Жооптуу адамдын кызматы** | **Аты-жөнү** | **Телефону** |
|---|---|---|---|---|
| **Жергиликтүү бийлик органдары** | | | | |
| Үй-бүлөлүк зомбулукка жооптуулар | | | | |
| Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин төрагасы/төрайымы | | | | |
| Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин мүчөлөрү | | | | |
| Аялдар кеңеши | | | | |
| **Укук коргоо органдары жана укук коргоо уюмдары** | | | | |
| Милициянын аймактык ыйгарым укуктуу өкүлү | | | | |
| Балдар иштери боюнча тескөөчү | | | | |
| Райондук ИИО, нөөмөт бөлүмү | | | | |
| Облустук ИИБ, нөөмөт бөлүмү | | | | |
| Райондук прокуратура | | | | |
| Акыйкатчынын аппараты | | | | |
| Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам | | | | |
| **Саламаттыкты сактоо уюмдары** | | | | |
| ФАП | | | | |
| ҮБМБ | | | | |
| Аймактык оорукана | | | | |

| | Аталышы | Жооптуу адамдын кызматы | Аты-жөнү | Телефону |
|---|---|---|---|---|
| Соттук-медициналык экспертиза | | | | |
| Психотерапиялык жардам | | | | |
| **Социалдык органдар жана уюмдар** | | | | |
| Райондук үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмү | | | | |
| Аялдар үчүн кризистик борборлор | | | | |
| Балдар уюмдары | | | | |
| Майыптыгы бар адамдар менен иштеген уюмдар | | | | |
| Юридикалык билими бар сурдокотормочулар[49] | | | | |

Маалыматтык баракчадагы көрсөткүчтөрдү колдонуп, жоопкерчиликтүү адамдарды белгилеп аракеттер планы түзүлсүн.

*ЫКЧАМ ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ КЫЗМАТТАРЫ*

- *Милициянын нөөмөт бөлүмү - 102*
- *Балдар үчүн ишеним телефону – 111*
- *Акыйкатчынын ишеним телефону – 115*
- *112 ӨКМ кызматы - 112*

## 2.4.2 ҮБЗ/ГЗ жабырлануучулары кайрылганда/аныктаган учурда эмне кылуу керек

Жабырлануучулардын биринчи негизги муктаждыктарын **канааттандырыңыз.** Негизги муктаждыктарга медициналык тез жардам, суу, тамак-аш, гигиеналык каражаттар, жакын адамы менен байланышуу, кийими жыртылган, булганган же жок болгон учурда жууркан же кийим менен камсыздоо болушу мүмкүн. Бул жабыр тарткандарга өзүн ыңгайлуу сезүүгө жана адамдык кадыр-баркты сезүүгө жардам берет.

Жабырлануучулардын кандай гана формада болбосун эмоцияларын билдирүүлөрүнө **жол бериңиз.** Адамдар стресске жана кризистик кырдаалдарга ар башкача таасир этишет. Кээ бирлери чөгүп, сүйлөй албай калышы мүмкүн, ал эми башкалары кыйкырып, нааразы болушат; кимдир бирөө болгон окуя үчүн өзүн күнөөлөйт; кимдир бирөө ыйлайт же өзүн агрессивдүү алып барат ж. б.

[49] https://mvd.gov.kg/rus/civil/sign-language-interpreters

Жабырлануучулардын өз алдынча чечим кабыл алуу укугун **урматтаңыз.** Жабырлануучуларга маалыматтын купуялуулугу жөнүндө эскертиңиз. Бирок үй-бүлөлүк зомбулуктан бала же аракетке жөндөмсүз деп таанылган адам жабыр тарткан болсо, анда бул жөнүндө билген ар бир адис/адам бул маалыматты үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бюнча органдарга (мындан ары - ҮББКБ) жана ички иштер органдарына (ИИО) милдеттүү түрдө билдирүүсү зарыл.

Жабырлануучуларга алардын мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, башка субъекттерден укуктук, социалдык, медициналык жардам алуу укуктары жөнүндө **маалымат бериңиз.**

Жабыр тарткандарга кандай жардам жана кандай уюмдар тарабынан берилиши мүмкүн экендигин **айтып**, уюмдардын даректерин жана байланыштарын **бериңиз.**

Жабырлануучуларга алар азыр эле чечим кабыл алууга милдеттүү эмес экенин жана кийин деле жардам сурап кайрылышса боло тургандыгын **түшүндүрүңүз.**

Жабыр тарткандардын каалоолорун жана муктаждыктарын **аныктап,** ушул маалыматтын негизинде жардам **уюштуруңуз.**

Үй-бүлөнүн башка мүчөсү-үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган балдар же жөндөмсүз адамдар бар-жогун **билип алыңыз.**

Чара көрүүдөн мурун жабыр тарткан чоңдордон макулдук сураңыз. Алар “жок” десе, кысым **көрсөтпөңүз.**

Компетенцияңыздын чегин билиңиз. Айрым учурларда силердин компетенцияңардын чегинен чыккан жардам талап кылынусу мүмкүн. Мисалы, эгерде окуяга балдар катышышкан болсо, анда милдеттүү түрдө ата-энелерге, үй-бүлөнү жана балдарды коргоо органдарына жана милицияга маалымат берүү зарыл. Эгерде жабырлануучулар үчүн түз коркунуч бар болсо, жабырлануучулар өздөрү же башкалар үчүн потенциалдуу коркунуч бар экендигин сезип жатса, эгерде медицина кызматкерлеринин, психологдордун жана милиционерлердин катышуусу талап кылынып жатса, балким башка жардам көрсөтүү кызматтары дагы мындай

> *Эгерде сиз кайсы бир органдарга, кызматтарга, уюмдарга же адистерге кайрылууну кааласаңыз, анда ДАЙЫМА эң биринчи кезекте жабырлануучу адамдан уруксат суроо зарыл. Сиз ким менен сүйлөшүүнү каалап жатасыз, сиз эмне үчүн аларга кайрылууну каалап жатасыз, сиздин аларга кайрылганыңыз жана айтканыңыз кандайча жардам алып келе алат.*

учурларда көбүрөөк натыйжалуу жардам көрсөтө алышат, анда жардам берүү кызматтары жөнүндөгү өзүңүздүн Маалыматтык баракчаңызга кайрылыңыз.

Үй-бүлөлүк зомбулук жасоо коркунучу бар экендигин аныктап, алдын алуу чараларын жүргүзүү үчүн ички иштер органдарына/милициянын участкалык ыйгарым укуктуу органына **маалымдаңыз**.

### 2.4.3 Эмне кылбаш керек

Болгон үй-бүлөлүк зомбулукка **шок,** ишенбөөчүлүк, ачуулануу же башка эмоционалдык реакция **көрсөтпөңүз.**

Жабырлануучуларды үй-бүлөлүк зомбулук кылган адам менен **элдештирүүгө аракет кылбаңыз.**

Үй-бүлө мүчөсү, досу же балдары болгондо зомбулук жөнүндө **суроолорду бербеңиз.**

> *Балдарды тарбиялоо боюнча функциялар жүктөлгөн ата-энелер, аларды алмаштырган адамдар, органдар жана билим берүү мекемелери, алардын кызматчылары, медициналык жана башка мекемелердин кызматчылары балада зомбулук көрсөтүүнүн белгилери болгон (байкалган) учурда тиешелүү чараларды кабыл алуу үчүн бул жөнүндө укук коргоо органдарына жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдө рүнө билдирүүгө милдеттүү.*
>
> *Зомбулук келтирүүнүн фактыларын жаап-жашырган адамдар мыйзамда белгиленген жоопкерчиликти тартышат (Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинин 99-бер., 10-июль, 2012 года №100)*

Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына жардам көрсөтүү кызматтары жана көрсөтүлүүчү жардамдардын түрлөрү жөнүндө  актуалдуу эмес же **калп маалыматтарды бербеңиз.**

Жабыр тарткандарга **баа бербеңиз,** кеңеш бербеңиз жана буга чейин кандай иш-аракет жасаш керек же кийинки кадам кандай болушу керек деген ой-пикириңизди билдирбеңиз..

Жабыр тарткандар эмнеге муктаж экендигин билем деп **ойлобоңуз,** алардын каалоолорун жана муктаждыктарын четке какпаңыз.

Башынан өткөн окуялар жөнүндө божомолдорду жасабаңыз, зордук-зомбулуктун чоо-жайын талап кылбаңыз; жынысына, жашына, майыптыгына, үй-бүлөлүк абалына жана башка белгилерине жараша баалуулуктарды баалоого, сыйлабоого, **басмырлоого жол бербеңиз**.

Жабырлануучулар жөнүндө жеке маалыматтарды жана анын айрым майда-чүйдөсүнө чейинки маалыматтарды кесиптештериңердин же тааныштарыңардын арасында **ачыкка чыгарбаңыз.** Эсиңизде болсун, купуялуулукту бузуу аларды стигматизациялоого жана андан ары зыян келтирүүгө алып келиши мүмкүн, мисалы, үйдөн кууп чыгуу жана/же зордук-зомбулукка кабылуу коркунучу.

Аткара албай турган убадаларды **бербеңиз.** Мисалы, балага зомбулук жөнүндө эч кимге айтпайм деп айтпаңыз.

### 2.4.4 ҮБЗ/ГЗ жабырлануучуларына эмне деп айтуу зарыл экендигинин мисалдары

Жабырлануучулар менен сүйлөшүү үчүн кийинки мисалдарды колдонгула:

> *- Бизде үй-бүлөлүк зомбулук болгон учурларда жардам көрсөтүүчү уюмдар бар. Алар юридикалык, социалдык, медициналык жана психологиялык жардам көрсөтүшөт. Мен сизге алардын байланыштарын берем жана туура деп эсептесеңиз, алар менен байланышыңыз.*
>
> *- Мына бул жардам берүү кызматтары жөнүндө кенен маалымат, анын ичинде дареги, телефону жана сиз кайрылсаңыз боло турган адамдын аты жана телефон номери бар.*
>
> *- Кийинки кадамдарга келсек-бул жерде эң негизгиси, сиз эмнени каалаарыңызды, эмнеге муктаж экениңизди жана ушул этапта эмнени маанилүү деп эсептейсиз. Азыр чечүүнүн кажети жок. Сизге эмне жардам берери жөнүндө окуп, ойлонуп көрсөңүз болот. Сиз ар дайым чечимиңизди өзгөртө аласыз.*
>
> *- Мен сиздин атыңыздан эч ким менен сүйлөшүп, абалыңызды чечүүгө аракет кыла албайм. Бирок ички иштер органдары (милиция), медициналык жана социалдык кызматкерлер сизге кандай жардам бере аларын айта алам. Зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча комитетибиз кандай иштээрин жана алар эмне кыла аларын (аялдар кеңеши, аксакалдар кеңеши, диний жетекчилер) айтып берем.*
>
> *- Мен сизге кийинки кадамдар үчүн план түзүүгө жардам бере алам.*

### 2.4.5 Аялга анын күйөөсү/өнөктөшү тарабынан ГЗ/ҮБЗ жасалган учурдагы туура жана туура эмес суроолор

Күйөөсү/өнөктөшү тарабынан аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук жасалган учурунда ылайыктуу суроолорду колдонуңуз жана орунсуз суроолордон алыс болуңуз (1-таблицаны карагыла).

*1-таблица. Аял менен сүйлөшүү учурундагы туура жана туура эмес суроолор*

| Туура суроолор/жооптор | Туура эмес суроолор/жооптор |
|---|---|
| - Мен сизди туура түшүнө алдымбы, сизди күйөөңүз урдубу?<br>- Сизге азыр коркунуч келтирилип жатабы?<br>- Сиз же дагы кимдир-бирөө жаракаттарды, жараат алдыбы? | - Сизди эмне үчүн урду? Эмне кылып жибердиңиз эле?<br>- А сизди эмнеге сабады? Сиз эмне кылып жибердиңиз эле?<br>- Ишенем, күйөөңүз сизге зыян келтирүүнү же оорутууну каалабаса |

| | |
|---|---|
| - Болуп өткөн окуяда сиздин күнөөңүз жок.<br>- Мен кандай жардам берерибизди, каякка кайрылса боло тургандыгын айтып берем жана сиз үчүн кайсынысы эң мыкты экендигин өзүңүз чечесиз.<br>- Биз сүйлөшкөн нерселердин баары сиз экөөбүздүн гана ортобузда калат. Мен сиздин уруксатыңыз жок эч кимге эч нерсени айтпайм.<br>- Сизде мындай окуя болгонуна мен дагы кейип турам.<br>- Сиз чечимди азыр дароо эле кабыл алганга милдеттүү эмессиз. Сиз баарын ойлонуштуруп чыксаңыз болот. Сизде алдыдагы чечимдерди өзгөртүү үчүн дайыма мүмкүнчүлүк бар. | керек.<br>- Күйөөңүз сизди сабаганы үчүн сарсанаа болуп жатышы мүмкүн.<br>- Жөнөкөй адам жөн эле уруп баштабайт.<br>- Балким сизге ошондой сезилип жаткандыр, балким сиз жөн гана ашырып айтып жаткандырсыз?<br>- Эч кандай коркунучтуу деле нерсе болгон жок, трагедия кылбаңыз.<br>- Аялдар кээде зомбулукту өздөрү чыр салып, андан кийин наразы болушат.<br>- Күйөөнүн деген тилин табыш керек, сиз күйөөлүү аялсыз да.<br>- Эмне кылуу керектигин чечиңиз, менин башка иштерим бар. |

**КЕҢЕШ**

*“Эмне үчүн”, “эмнеге” деген сөздөрдөн башталган суроолорду бергенден алыс болуң уз, себеби силер болуп өткөн окуяга жабырлануучулардын өздөрүн күнөөлөп жаткандай сезилиштер пайда болуп, ушундай абал жаралат. Мунун ордуна жабырлануучуларды башка бардык зомбулуктар сыяктуу үй-бүлөлүк зомбулукка чыдаганга болбойт экендигин айтып, жабырлануучуну угуп жана зарылчылыкка жараша кийинкидей суроолорду бериң из: “мен сизге жардам көрсөтүү кызматтары жөнүндө маалымат бере алам?” же “мен сизге кандай жардам бере алам?”*

## 2.4.6 Майыптыгы бар адамдар менен сүйлөшүүнүн ыкмалары

Майыптыгы бар адамдар калктын өзгөчө тобун түзүшөт, себеби алар социалдык-экономикалык планда аярлуу, алар үчүн маалыматтын, билим берүүнүн, жумушка орношуунун, жардам көрсөтүү кызматтарынын ж.б. жеткиликтүүлүгү чектелүү.

2-таблицада ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелгендигинен көз карандылуу түрдө майыптыгы бар адамдар менен сүйлөшүүнүн айрым ыкмалары келтирилген.

*2-таблица. Майыптыгы бар адамдар менен өз ара аракеттенүүнүн өзгөчөлүктөрү*

| Бузулуунун түрлөрү | Ылайыктуу суроолор/жооптор |
|---|---|
| **Таяныч кыймыл аппаратынын мүмкүнчүлүктөрү чектелген учурда** | - Сүйлөшүп жаткан учурда майыптыгы бар адам менен бирдей деңгээлде олтургула, мисалы, коляскадагы адамды башын нары-бери бурдуруп убара кылбоо үчүн жанына стул коюп олтургула. |

| Бузулуунун түрлөрү | Ылайыктуу суроолор/жооптор |
|---|---|
| | - Уруксаты жок балдактарды, таяктарды, ичке таяктарды же майыптар үчүн креслону нары-бери жылдырбагыла.<br>- Майыптар коляскасы адамдын кол тийгис мейкиндигинин бир бөлүгү. Коляскага таянбаңыз. Колясканы айланып өтүүгө жардам берүүдөн мурун, жардам керекпи же жокпу, сунушташыңыз керек. |
| **Угууга тиешелүү көйгөйлөр** | - Өзүңөрдүн райондогу сурдокотормочулардын тизмеси силерде бар болсун.<br>- Угуусу начар адамга ыңгайлуу болгондой жайгашуу зарыл, мисалы, жеке угууну күчтөндүрүүчү каражат тарабынан.<br>- Сүйлөшүүнүн башында кызмат көрсөтүүлөрдүн угуусу начар колдонуучусу силерге көңүл буруп жатабы карап көңүл буруп коюңуз.<br>- Эгерде кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу силердин жүзүңөр тарапты карабаса, өтө кылдаттык менен анын ийинине колуңарды койгула.<br>- Кыйкырбагыла жана үнүңөрдү бийик чыгарбагыла. Кызмат көрсөтүүнү колдонуучусуна түз карагыла жана оозуңарды колуңар менен жаппагыла. Силерди түшүнүп жатабы көңүл буруп койгула.<br>- Адам үчүн ыңгайлуу сүйлөшүүнүн жолун болушунча тезирээк аныктап белгилегиле.<br>- Кыска жана жөнөкөй фразаларды колдонуп, сүйлөп жатканда атайын терминдерди жана сүйлөмдөрдөгү татаал конструкцияларды колдонбогула.<br>- Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу эриндериңер аркылуу окуй алгыдай кылып, жай жана так сүйлөгүлө. |
| **Көрүүгө тиешелүү көйгөйлөр** | - Көзү көрбөгөн адамга сөзсүз түрдө өзүңөрдүн аты-жөнүңөрдү айтышыңар зарыл, сүйлөшүүгө катыша турган башка адамдарды, ошондой эле ал жерде турган башка адамдарды дагы тааныштыруу керек (зарылчылык бар болсо, бир гана аттарын атап койбостон, алардын иштеген кызматтарын дагы айтуу зарыл).<br>- Көзү көрбөгөг адамга олтурууну сунуштаганда, аны колунан кармап, олтургучтун жөлөнгүчүнө же чыканагынан жөлөп олтурууга жардам берүү зарыл.<br>- Сүйлөшүп жатканда коштоп келген адамга эмес, кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусунун өзүнө карап кайрылгыла. Эгер сүйлөшүүгө бир нече адам катышып жатса, азыр кимге кайрылып жатканыңарды улам тактап турганды жана |

| Бузулуунун түрлөрү | Ылайыктуу суроолор/жооптор |
|---|---|
| | өзүңөрдүн атыңарды атап турганды унутпагыла.<br>- Эскертүүсүз адамга жакындабагыла.<br>- Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу сизди таптакыр көргөн жок деп ойлобоңуз.<br>- Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусунун таягын же нары-бери жүрүүнүн башка каражатын алып салбагыла.<br>- Зарыл маалыматты даярдап койгула, мисалы чоң тамгалар менен басылып чыгарылган, аудиоформаттагы же Брайл форматындагы укуктар жана жардам берүү кызматтары жөнүндө маалыматтарды даярдаңыз.<br>- Зарылчылык бар болсо, көзү көрбөгөн адамга бир нерсени окуп берүү, үндүн бийиктигин нормалдуу кылып сүйлөө жана маалыматты коё бербөө зарыл. |
| **Сүйлөөгө тиешелүү көйгөйлөр** | - Эгер адамда сүйлөөгө байланыштуу көйгөйлөр бар болсо, бул анын угуусунда дагы көйгөйлөр бар дегенди түшүндүрбөйт.<br>- Сүйлөөдө кыйынчылыктарды сезген адамдын сөзүн бөлбөө жана оңдобоо керек.<br>- Шаштырбагыла, адамга өзүнүн көйгөйүн түшүндүрүү үчүн канча убакыт зарыл болсо, ошончо убакыт бергиле.<br>- Ал өз оюн толук айтып бүткөндөн кийин гана сүйлөп баштагыла.<br>- Эгер силер бир нерсени түшүнбөй калсаңар, ал адамдан кайра кайталап коюусун сурангыла.<br>- Суроолорду кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу “ооба” же “жок” деп жооп бере тургандай кылып түзгүлө.<br>- Тилдик коммуникацияда олуттуу тоскоолдуктар бар болсо, маалымат алмашуунун альтернативдүү жолун кылдаттык менен сунуштагыла, мисалы, жазышууну. |
| **Интеллектуалдык бузулуулар** | - Когнитивдик (интеллектуалдык) бузулуулары бар адам менен өз ара аракеттенүүдө визуалдык байланышууну колдонуу аркылуу анын жүзүнө кароо зарыл. Муну менен катар эгерде ага жагымсыз болуп жатса, көзмө көз байланышууну сактоону сурануу сунушталбайт.<br>- Интеллектуалдык бузулуулары бар адамдын катышуусундагы сүйлөшүүдө ал жөнүндө үчүнчү тарапка эч нерсе деп айтууга, анын ичинде ал башка адамдардын ортосундагы сүйлөшүүнү түшүнбөгөндүгү жөнүндө эскертүүгө жол берилбейт.<br>- Жөнөкөй сөздөрдү жана кыска сүйлөмдөрдү колдонгула.<br>- Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу жеңил түшүнүүсүнө жардам берүү үчүн сүйлөшүүнүн ар түрдүү куралдарын |

| Бузулуунун түрлөрү | Ылайыктуу суроолор/жооптор |
|---|---|
| | колдонуп маанилүү маалыматты жана нускамаларды кайталагыла (мисалы, анатомиялык моделдерди же куурчактарды);<br>- Эсиңерден чыгарбагыла, интеллектуалдык өнүгүүсүндө бузулуулары бар, бирок кыймыл-аракетинин жөндөмдүүлүгү сакталган адамдар өздөрү аң-сезимдүү тандоо жасоого укуктуу: жардамды кабыл алуу керекпи же жокпу, кандайдыр бир кызмат көрсөтүүдөн колдонууга макулдук берүү керекпи, башка чечимдерди кабыл алууда, ошондой эле зарыл документтерге кол коюуда.<br>- Кызмат көрсөтүнүн колдонуучусуна кошумча суроолор пайда болуп калган учурда байланышуу үчүн телефон номерди таштагыла же кызмат көрсөтүүнүн жеткирүүчүсүнө кайрадан кайрылуунун жолун айтып койгула.<br>- Чыдамкайлыкты, кылдаттыкты, сүйлөшүп жаткан адамга кылдат мамиле кылып жатканыңарды көрсөтүүңөр керек, бардык зарыл темаларды талкуулап, жана дагы билип туруп анын мүмкүнчүлүктөрүн же кадыр-баркын төмөндөтүүгө аракет кылбагыла, бой көтөрүп сүйлөбөгүлө, сөздү кесе сүйлөгөнгө негиз бар болсо дагы буга жол бербегиле. |

3-таблицада майыптыгы бар адамдар менен сүйлөшүүнү жакшыртууга жардам бере турган түздөөчү терминдер келтирилген.

*3-таблица. Майыптыгы бар адамдар менен сүйлөшүүнү жакшыртууга жардам бере турган түздөөчү терминдер*

| Туура эмес термин | Туура термин |
|---|---|
| **Майып** | Майыптыгы бар эркек адам;<br>Майыптыгы бар аял;<br>Майыптыгы бар адамдар. |
| **БЦШ адам;<br>БЦШ менен ооруган адам** | БЦШ бар адам |
| **Даун;<br>Даун оорусу менен ооруган адам** | Даун синдрому менен жашаган адам;<br>Даун синдрому бар адам;<br>Өнүгүүсү өзгөчө адамдар |
| **Дүлөй-дудуктар** | Угуусу начар адамдар; угуусун жоготкон адамдар |
| **Коляскада олтургандар** | Коляска колдонуучу; Коляскадагы адам |

# 3. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТУН ЖАБЫРЛАНУУЧУЛАРЫН АНЫКТАГАН УЧУРДАГЫ ЖӨБОНУН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН АЛГОРТМИ

## 3.1. Эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу жашы жеткен чоң адам болсо

1. Жабырлануучуларды угуп жана аларга колдоо сөздөрүн айтыңыз. Тынчтандыргыла, үй-бүлөлүк зомбулукка алар күнөөлүү эмес экендигин баса белгилегиле. Купуялуулук жөнүндө маалымат бериңиз. Зарылчылык бар болсо тез жардамды чакырып же жабырлануучуларды медициналык уюмга жеткирүүнү уюштуруңуз.

2. Жабырлануучулардын биринчи муктаждыктарын аныктап (медициналык жардам, кийим, тамак-аш, балдар тамак-ашы, коопсуз жай ж.б.) жана аларга коркунуч бар экендигин тактаңыз.

3. Жабырлануучуларга алардын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого ээ болуу укуктары бар экендиги жөнүндө, алар мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, башка субъекттерден укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жардамдарды алууга укуктуулугу жөнүндө маалымат бериңиз.

4. Кризистик борборлордо жардамдын кандай түрлөрү бар, алар кандай көлөмдө берилүүсү мүмкүн экендигин кенен айтып берип жана алардын даректерин, телефондорун жана кабыл алуу убактылары тууралуу айтып бериңиз. Жабырлануучуларды жардам жана кызмат көрсөтүүлөрдү алуу үчүн ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тутуму боюнча жөнөткүлө (1-коюудагы маалыматты колдонгула).

**1-коюу: Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча мамлекеттик органдардын жана кризистик борборлордун милдеттери**

**Ички иштер органдары** үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалымат алганда кийинкидей чараларды көрүшөт:

1. Үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуу жана кылмыш (Кыргыз Республикасынын КЖКнын 177-бер.) же укук бузуу фактысын (Кыргыз Республикасынын УБжКнын 70-бер.) каттайт.
2. Материалдарды (түшүнүк каттарды), буюмдук далилдерди ж.б. чогултат.
3. Жабырлануучуга 3 күндүк мөөнөткө коргоо ордерин берет жана жабырлануучунун арызы боюнча убактылуу коргоо ордеринин таасирин 30 күнгө узартат. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды Кылмыш-жаза кодексине же Укук бузуулар кодексине ылайык жоопкерчиликке тартат.
4. Зомбулук жасаган адамдын убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткаруусуна көзөмөл жүргүзөт.

5. Балдарга жана аракетке жөндөмсүз адамдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук учурларында: балага карата зомбулук фактысы боюнча убактылуу коргоо ордерин балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын кызматкерине (ҮББКБ) 3 күндүк мөөнөткө берет, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын кызматкеринин (ҮББКБ) арызы боюнча ордердин таасирин 30 күнгө узартат. Зомбулук жасаган адамды Кылмыш-жаза кодексине же Укук бузуулар жөнүндө кодекске ылайык жоопкерчиликке тартат.
6. Зомбулуктун жыйынтыгында жабырлануучуларга медициналык жардам көрсөтүү үчүн тез жардамды чакырат. Зарылчылык бар болсо зомбулуктун жыйынтыгында жабырлануучуларды транспорт менен жеткирүүнү уюштурат.
7. Соттук-медициналык экспертизаны уюштурат.
8. Жабырлануучуларды социалдык кызматтарга (убактылуу баш калкалоочу жайлар, кризистик борборлор) жайгаштырууга көмөктөшөт.
9. Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тутумуна маалымат берет жана жабырлануучуларды жардамдын башка түрлөрүн алуу үчүн аларга жөнөтөт.

**Медициналык кызматкерлер милдеттүү**:

1. Жабырлануучуларга медициналык жардам көрсөтүүгө;
2. Келтирилген жаракаттардын жагдайы жөнүндө кенен маалымат чогултууга, медициналык текшерүүдөн өткөрүүгө, дене бойго келтирилген бардык жаракаттарды документтештирүүгө;
3. Сексуалдык зомбулук учурунда байланыштан кийинки алдын алууну жүргүзүүгө (селейме оорусу, гепатит ЖЖЖО, ВИЧ, күтүүсүз кош бойлуулук).
4. Кабыл алуу жөнүндө маалыматты атайын журналга каттоого жана медициналык текшерүү боюнча 003-3у атайын формасын толтурууга. Бейтапка толтурулган жана дарыгердин колу коюлган медициналык текшерүү формасын берүүгө (экинчи көчүрмөсү ИИОго берилет).
5. Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тутумуна маалымат берүүгө жана жабырлануучуларды жардамдын башка түрлөрүн алуу үчүн аларга жөнөтүүгө.

**Соттук-медициналык экспертизанын адистери милдеттүү:**

1. Медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүүгө (экспертизадан).
2. Соттук-биологиялык экспертизадан өткөрүү үчүн биологиялык үлгүлөрдү чогултууга.
3. Сот жана тергөө органдарына “соттук-медициналык күбөлөндүрүүнүн актысын” же “Эксперттин корутундусун” берүүгө.

4. Дене боюндагы жаракаттарды сүрөткө тартууга жана жогоруда аталган документтерге тиркөөгө.

5. Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тутумуна маалымат берүүгө жана жабырлануучуларды жардамдын башка түрлөрүн алуу үчүн аларга жөнөтүүгө.

**Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграциянын аймактык бөлүнүштөрүнүн кызматкерлери милдеттүү:**

1. Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун социалдык кызматтарды жана жардам алуу боюнча биринчи муктаждыктарын аныктоого;

2. Жабырлануучу кайрылган учурдан баштап биринчи көйгөйлөрүн чечүүгө көмөктөшүүгө (медициналык жардам алуу зарылчылыгы бар болсо, коопсуз жайга жайгаштыруу, биринчи психологиялык, социалдык, укуктук жардам көрсөтүүгө).

3. Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 22-июнундагы № 391 токтому менен бекитилген “Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө” Жобого ылайык үй-бүлө менен жекече иштөө планын иштеп чыгууга.

4. Мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө мыйзамдарга ылайык зарыл документтерди жана социалдык жөлөк пулдарды алууга көмөктөшүүгө.

5. Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларын кесиптик даярдоого/кайра даярдоого жана жумушка орноштурууга көмөктөшүүгө.

6. Этибарсыз мамилелерден жабыр тарткан балдардын, улгайган адамдардын, майыптыгы бар адамдардын медициналык жана укуктук жардам алууларына эч кечиктирбестен ыкчам түрдө көмөктөшүүгө;

7. Ички иштер органдарына үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларын коопсуз жайга эч кечиктирбестен ыкчам түрдө жайгаштырууга көмөктөшүүгө;

8. Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тутумуна маалымат берүүгө жана жабырлануучуларды жардамдын башка түрлөрүн алуу үчүн аларга жөнөтүүгө.

9. Жабырлануучунун жазуу жүзүндөгү макулдугунун негизинде үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө аймактык ички иштер органдарынына кабарлоого (24 сааттын ичинде). Жабырлануучу адамдын макулдугу менен үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча башка субъекттерге, ошондой эле анын жакын туугандарына маалымат берилиши мүмкүн. Үй-бүлөлүк зомбулук жашы жетелек өспүрүмгө жана аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук фактылары катталган учурда жабырлануучунун макулдугу талап кылынбайт.

**Балага карата зомбулук жасалган учурда үй-бүлөнү жана балдарды коргоо органы милдеттүү:**

1. Баланын жана үй-бүлөнүн жашаган жери (турган жери) боюнча чыгууга, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан баланы андан ары социалдык коштоону уюштуруу үчүн чараларды көрүүгө, Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 22-июнундагы № 391 токтому менен бекитилген “Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө” Жобого ылайык үй-бүлө менен жекече иштөө планын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга.
2. Эмгек мигранттарынын үй-бүлөлөрүнө тиешелүү балдарга өзгөчө көзөмөл жүргүзүүгө (үй-бүлөнүн материалдык абалынан көз карандысыз түрдө).
3. Туугандары жана башка адамдар менен расмий камкорчулукту/көзөмөлчүлүктү каттабай жашаган балдарды жайгаштыруу боюнча тиешелүү чараларды кабыл алууга.
4. Зомбулуктан жабыр тарткан балдарга консультация берүүгө, анын ичинде ишеним телефону аркылуу (111).

**Балага карата ГЗ/ҮБЗ аныктоо/шек саноо учурундагы билим берүү уюмдарынын мугалимдери милдеттүү:**

Балага карата зомбулук учурлары аныкталганда (же болбосо зомбулук жөнүндө шек саноодо) мугалим төмөнкүлөрдү аткаруусу зарыл:

1. Зомбулуктан жабыр тарткан бала менен сүйлөшүү эрежелерин сактоо менен балага колдоо көрсөтүүгө.
2. Медициналык тез жардам көрсөтүү менен камсыз кылууга (зарылчылык жаралган учурда).
3. Буюмдук далилдерди сактоо боюнча чараларды көрүүгө (кийимдеги тактар, биологиялык материалдарды жуубоону сунуштоого ж.б.).
4. Балага карата зомбулук фактысы/шек саноо жөнүндө билим берүү мекемесинин жетекчисине ыкчам түрдө маалымат берүүгө (оозеки, андан кийин жазуу формасында).
5. Билим берүү мекемесинин жетекчисине – чараларын көрүүлөрү үчүн окуя жөнүндө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга жана ички иштер органына/жашы жете элек өспүрүмдөрдүн иштери боюнча тескөөчүгө (102 кызматына) ыкчам түрдө телефон аркылуу кабарлайт (андан кийин бир күндүн ичинде жазуу түрүндөгү маалымат жөнөтөт).
6. Ата-энелерге/камкорчуларга алардын баласына/камкордугундагы балага карата зомбулуктун белгилери бар экендиги жөнүндө маалымат берүүгө. Эгер зомбулук жасаган адам/болжолдуу зомбулук жасаган адам үй-бүлө мүчөсү болсо (атасы, өгөй атасы, агасы, таякеси ж.б.), анда баланы андай үй-бүлөдөн алуу үчүн балдарды

коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга жана ички иштер органына көмөктөшүүсү зарыл.

7. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга (ҮББКБ) баланы коргоонун жекече планын иштеп чыгууга көмөктөшүүгө;

8. Алынган маалыматтардын купуялыгын сакталуусу боюнча чараларды көрүүгө.

**Аялдар үчүн кризистик борборлор кийинки кызмат көрсөтүүлөрдү сунуш кыла алышат:**

1. Социалдык-укуктук кызмат көрсөтүүлөр – юридикалык кызмат көрсөтүүлөрдү, анын ичинде укуктарды жана мыйзамдуу кызыкчылыктарды коргоо боюнча юридикалык кызмат көрсөтүүлөрдү алуу үчүн жардам көрсөтүүгө багытталган.

2. Социалдык-психологиялык – кызматтардан пайдалануучулар социалдык чөйрөгө адаптациялануулары үчүн алардын психологиялык абалдарын коррекциялоого жардамдашууга багытталган кызматтарды көрсөтүүгө, анын ичинде ишеним телефонун колдонуу аркылуу психологиялык жардамды анонимдүү түрдө көрсөтүүгө.

3. Социалдык-эмгектик кызмат көрсөтүүлөр – иш менен камсыз кылууга көмөктөшүүчү кызматтар аркылуу жумушка орноштурууга жардамдашууга багытталган кызмат көрсөтүүлөр, жумушка орноштуруу жана кайра багытоо суроолору боюнча кеңеш берүү жана маалымдоо.

4. Баш калкалоочу жай – кризистик борбордун алдында уюштурулган, зомбулуктун жабырлануучуларына убактылуу баш калкалоочу жай берген жана кызмат көрсөткөн уюм.

5. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча социалдык кызматтарды көрсөтүүнү уюштуруу:

- үй чарбачылыгынын жөлөк пул алууга муктаждыгына текшерүү, кароо жүргүзүү;
- документтерди кайра калыбына келтирүүгө, жумушка орноштурууга, кайрадан окутууга, балдарын мектепке чейинки/мектептик мекемелерге киргизүүгө жардам көрсөтүү;
- коопсуз жай издөөгө жардам көрсөтүү.

6. Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматты тиешелүү журналга каттоо.

7. Ички иштер органына/милициянын аймактык ыйгарым укуктуу өкүлүнө үй-бүлөлүк зомбулук жасоо коркунучу бар экендиги боюнча аныкталган учурлар жөнүндө маалымат берүү.

## 3.2. Эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктан бала жабыр тартса

1. Балага карата зомбулук жөнүндө үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча органдын кызматкерлерине жана ИИОна дароо билдириңиз[50].

2. Баладан зомбулуктун чоо-жайы жөнүндө анын ата-энесинин/камкорчуларынын, үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча органдын кызматкерлеринин, балдар психологунун/мугалимдин, милиция кызматкеринин катышуусуз сураганга эч кимдин укугу жок.

3. Балага ал зомбулук жөнүндө айтып бергенден кийин кандай аракеттер көрүлөрү жөнүндө маалымат бериңиз. Баланын суроолоруна жооп берүү маанилүү. Эгерде сиз баланын суроосуна жооп бере албасаңыз, анда бул жөнүндө ага ачык айтканыңыз жакшы. Сиздин маалыматыңыз баланын жаш курагына жана муктаждыктарына шайкеш келүүсү керек. Балага баарын унутуп, эч нерсе болбогондой жаша деген кеңешти бербегиле. Балага психологдун жардамын уюштуруңуз.

4. 2-пунктта көрсөтүлгөн адамдар келгенге чейин, бала менен нейтралдуу темада сүйлөшүңүз. Эгер ал зордук-зомбулук жөнүндө айтып жатса, аны калыс угуңуз, баланын жана анын ата-энесинин абалын жана жүрүм-турумун баалабаңыз.

**ЭСИҢЕРДЕН ЧЫГАРБАГЫЛА**

*Үй-бүлөлүк зомбулуктан майыптыгы бар адамдар же аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдар жабыр тарткан учурунда үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жөнүндө ички иштер жана социалдык коргоо органдарына жана прокуратурага билдирүү милдеттүү болуп эсепептелет*

5. Балага ал ишенген жана анын жанында өзүн коопсуз сезген чоң адамы менен байланышуусуна жардам бериңиз. Бул сөзсүз эле ата-энеси болуусу мүмкүн эмес, ал үй-бүлөнүн мүчөсү же камкорчу болушу мүмкүн.

6. Бала үчүн чечим кабыл албаңыз, ошондой эле ата-энесинин, камкорчусунун же башка чоң адамдын көзүнчө сүйлө деп мажбурлабаңыз.

---

[50] Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө Жобонун 59-п., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген, 2015-жылдын 22-июну № 391.

7. Үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмүнүн жана милиция кызматкерлери келгенге чейин баланы ата-энесине, камкорчуга же башка чоң адамдарга өткөрүп бербеңиз.

8. Бала үчүн жагымдуу жагдай түзүп бериңиз. Үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмүнүн адиси жана милиция кызматкерлери келгенге чейин баланы кандайдыр бир иш менен алаксытып туруу зарыл, мисалы аны менен сүрөт тартуу, ага журнал же китеп берүү, аны менен алаксыта турган башка темада сүйлөшүү же жөн гана унчукпай турсаңар болот. Эмне болду, ким күнөөлүү жана бул эмне үчүн болду деген суроолордон качкыла, мунун

ордуна тынчтандырган фразаларды жана нейтралдуу темаларды колдонгула.

9. Бала менен сүйлөшүп жатканда, маектешиңиздин көз деңгээлинде экениңизди текшериңиз.

**2 коюу: Балдар жөнүндө кодекстен үзүндү**

Баланын өмүрүнө жана ден соолугуна түздөн-түз коркунуч болгон чукул учурларда (дене-бойлук, психологиялык, сексуалдык зомбулукту колдонуу, ырайымсыз мамиле кылуу же эксплуатациялоо) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү ички иштер органдары менен биргеликте, баланы коргоо боюнча, аны үй-бүлөдөн тышкары жайгаштырууга чейинки кечиктирилгис чараларды көрөт.

Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү бир сутканын ичинде шашылыш тартипте кабыл алынган чаралар жөнүндө сотко жазуу жүзүндө маалымдайт. Мындай учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү үч жумушчу күндөн кечиктирбестен баланы коргоо боюнча жекече пландын долбоорун иштеп чыгат жана аны Балдардын иштери боюнча комиссияга жиберет.

*(Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинин 36-бер. 7-бөл. 10-июль, 2012-жыл, №100).*

**ЭСИҢЕРДЕН ЧЫГАРБАГЫЛА**

*Балага карата үй-бүлөлүк зомбулук учурларында баланын кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн ал жөнүндө маалыматты үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмүнүн адистерине жана ички иштер органдарына кайра багыттоо коопсуздукта жана купуялуу түрдө болуусуна көмөктөшүү зарыл.*

*Бала менен сүйлөшүп жаткан учурда сиздин көзүңүз аны менен бирдей деңгээлдеби текшерип коюңуз.*

# 1-ТИРКЕМЕ: ГЗ/ҮБЗ АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА МААЛЫМАТТЫК-АГАРТУУЧУЛУК ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮ ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАРДЫН ТИЗМЕСИ

**Укук бузуулардын алдын алуу боюнча биргелешкен пландарды даярдоонун алкагында ГЗ жана ҮБЗ көйгөйлөрүнө артыкчылык менен кароого мүмкүн болуучу кадамдары жана критерийлери (2.4.3 үчүн)**

**Кадамдар**

1. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет (же ЖТ) ГЗ/ҮБЗ көйгөйлөрүн артыкчылык менен кароо боюнча жыйналыш өткөрөт.
2. Андан ары ЖӨБОнун социалдык блокко жооптуу кызматкери жана ИИОнун кызматкери жамааттарда ГЗ жана ҮБЗ менен, гендердик басмырлоо менен байланыштуу көйгөйлөр, учурдагы кырдаалдар жана статистика жөнүндө баяндамаларын жасашат. Ошондой эле бул баяндамаларда укук бузуулардын алдын алуу, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо, гендердик тең укуктуулукка жетишүү жана аялдар лидерлигине колдоо көрсөтүү чөйрөлөрүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы жана программалык документтериндеги артыкчылыктуу суроолорду чагылдыруу зарыл. Эгерде жамаатта мурда ГЗ жана ҮБЗ көйгөйлөрү боюнча талкуулар өткөрүлгөн болсо, анда өткөрүлгөн иш-чаралар жөнүндө кыскача маалымат берүү зарыл. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин (же ЖТ) башка мүчөлөрү дагы чыгып сүйлөшсө болот.
3. Андан ары талкуулардын жыйынтыктары боюнча ГЗ жана ҮБЗ, гендердик басмырлоого байланыштуу көйгөйлөрдүн болжолдуу тизмеси аныкталат (бул этапта жетиге чейин). Көйгөйлөргө номерлер коюлат. Бул тизме катышуучуларга таратылат жана таанышуу үчүн илинип коюлат.
4. Көйгөйлөрдү артыкчылык менен кароо атайын критерийлердин негизинде жүргүзүлөт (төмөндө караңыз). Көйгөйлөрдү артыкчылык менен кароого төрагалык кылуучу алардын маанилүүлүгүн түшүндүрүп берет. Мүчөлөргө болсо, баалоо баракчалары таратылып берилет, алар болсо көйгөйлөрдүн болжолдуу тизмесин жазышат. Ар бир мүчө ар бир көйгөйдүн каршысына ар бир критерий боюнча 0дөн 2ге чейинки упай коюшат (№1-4 тилкелер), упай коюда алар өз түшүнүктөрүнө жана кесипкөйлүк тажрыйбасын негиз кылышат, 0 – жок, 1 – мүмкүн ооба, 2 – ооба. Мындан соң ар бир мүчө өз упайын кошот (“Баары” тилкеси).
5. Толтурулган барактар чогултулуп алынат. Андан ары бардык баалоо баракчаларынын негизинде ар бир көйгөй боюнча упайдын баары кошулат. Максималдуу упай менен топтогон көйгөйлөр аныкталат. Эгерде шек саноолор бар болсо, анда алар талкуулар аркылуу чечилет. Артыкчылыктуу көйгөйлөрдү бекитүү жөнүндө суроо добушка коюлат.
6. Жыйынтыгында ГЗ жана ҮБЗ боюнча төрт артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алуу сунушталат, буларды чечүү үчүн аялдарга карата зомбулукту болтурбоо жөнүндө БПда атайын бөлүм иштелип чыгат.

7. Көйгөйлөрдү артыкчылык менен кароо жөнүндө чечим жыйындын протоколу менен тариздедет. Протоколдо алган упай көрсөтүлүп турат жана мүчөлөрдүн сүйлөгөн сөздөрү менен негизделет.

**Артыкчылык критерийлери**

1. Коомдогу аялдардын кызыкчылыктары жана укуктарынын маанилүүлүгү;
2. Коомчулукту өнүктүрүү үчүн маанилүүлүгү;
3. Укук бузуулардын алдын алуу жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо, гендердик теңчиликке жетишүү жана аялдардын лидерлигин колдоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана программалык документтеринде аныкталган артыкчылыктуу маселелердин шайкештиги;
4. Көйгөйдүн чечилишине жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү деңгээлдеги субъекттердин күчү менен таасир этүү мүмкүнчүлүгү.

**Баалоо баракчасынын шаблону**

Аты-жөнү (Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет (же ЖТ)) ________________________________

Датасы: __________________________

| Көйгөйдүн № | Көйгөй | №1 критерий | №2 критерий | №3 критерий | №4 критерий | **Баары** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |

# 2-ТИРКЕМЕ: БИРГЕЛЕШКЕН ПЛАНДЫН ШАБЛОНУ

| | | |
|---|---|---|
| ИИОнун жетекчиси<br>(райондук)<br><br>____________________ | ЖӨБОнун башчысы<br>(айыл өкмөтү, мэр)<br>____________________<br>«_____» _______ ____ -ж. | Жергиликтүү кеңештин<br>төрагасы/төрайымы_________<br><br>«_____» _______ ____ -ж. |

**Укук бузуулардын алдын алуу боюнча биргелешкен план**

**_____________ (аймактын аталышы)**

**“Аялдарга карата зомбулукту болтурбоо” бөлүмү**

| № | Чаралар | Мөөнөттөр | Жооптуу тараптар | Каржылоо | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|
| **Артыкчылыктуу көйгөй №1 __________________________<br>Күтүлгөн жыйынтыктар:** | | | | | |
| 1.1 | | | | | |
| 1.2 | | | | | |
| 1.3 | | | | | |

## 3-ТИРКЕМЕ: ГЗ/ҮБЗ АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА МААЛЫМАТТЫК-АГАРТУУЧУЛУК ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮ ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАРДЫН ТИЗМЕСИ

**1. “Коопсуздук бурчу” маалыматтык дубалчасы бурчу”**




**2. “Кыздар, келгиле бул жөнүндө айталы»» кыздар үчүн комикси (мам.тилде/расмий тилде)**







**3. Кыздар үчүн зомбулуктун алдын алуу боюнча баракча: “Өзүн зомбулуктан кантип коргоо керек?” (мам./расмий тилдерде)**









**4. Ата-энелер үчүн зомбулуктун алдын алуу боюнча баракча: “Ата-энелер! Кыздар менен бул жөнүндө сүйлөшкүлө!?” (мам./расмий тилде)**



**5. Кыздар үчүн №1 видеоролик "Сексуалдык асылуу деген эмне?"**









Мамлекеттик тилде
https://www.youtube.com/watch?v=lPtY6hz3YCY&t=25s

Расмий тилде
https://www.youtube.com/watch?v=RMweMNlb7kw

**6. Кыздар үчүн №2 видеоролик "Кыздар, келгиле бул жөнүндө айталы!"**





Мамлекеттик тилде
https://www.youtube.com/watch?v=CoP4_inuotU&t=30s

Расмий тилде
https://www.youtube.com/watch?v=tEt58Q5L1z8

**7. Кыздар үчүн №3 видеоролик "Кыздар үчүн 5 коопсуздук эрежелери!"**








Мамлекеттик тилде
https://www.youtube.com/watch?v=_sJoBNAaYg0&t=30s

Расмий тилде

https://www.youtube.com/watch?v=mKUWAl6rt5U

**8. Ата-энелер үчүн №1 видеоролик "Ата-энелер, балдарыңарга коопсуздук эрежелерин үйрөткүлө!"**








Мамлекеттик тилде
https://www.youtube.com/watch?v=l0Ush2QTw1g

Расмий тилде
https://www.youtube.com/watch?v=a5hiBweC3-8

**9. Ата-энелер үчүн №2 видеоролик “Ата-энелер, балдарды коопсуздук эрежелерине үйрөткүлө!”**




Мамлекеттик тилде
https://www.youtube.com/watch?v=JuQCj1vWxZ4&t=2s

Расмий тилде
https://www.youtube.com/watch?v=xKNJtiDIzQ0

**10. “Жардам жанында” кыска метраждуу тасма**





https://www.youtube.com/watch?v=AUTwZ_Tfg2o

**11. “Сүйүү - бул ишеним!” өспүрүмдөр үчүн кыска метраждуу тасма**




https://www.youtube.com/watch?v=A5pIWBjVKYc

**12. “Зомбулуксуз жашоону танда!” видеороликтери**







Мамлекеттик тилде
https://www.youtube.com/watch?v=79-Y7iTBgQk

Расмий тилде
https://www.youtube.com/watch?v=y-P8ukDWzBc

**13. “Он жети жолу кучактап” видеороликтери**






Мамлекеттик тилде
https://www.youtube.com/watch?v=yk5PmPWBYS0&t=2s

Расмий тилде
https://www.youtube.com/watch?v=ZeRjqbldjkQ

**14. Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер үчүн колдонмо. (мам./расмий тилде)**








**15. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттердин иштери жөнүндө видеоматериал. (мам./расмий тилде)**




**16. "Бишкек шаарынын Свердлов районундагы коомдук коопсуздук" аналитикалык отчет (расмий тилде)**



**17. Бергелешкен пландар - Жергиликтүү деңгээлде коомдук коопсуздукту камсыздоодогу жана укук бузуулардын алдын алуудагы социалдык өнөктөштүктүн куралы катары. (мам./расмий тилде)**

